КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## №6/2013

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрайым: Садыркулова А.М.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К.А.
Яковлева О.В.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Абдиева К.Т.

**Басылманын мазмунуна тиешелөө маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын, Юридикалык бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 669034 телефону
факс: (996 312) 610730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын, Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 61 04 56
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

ЖИ Маслов А.С. (Graffa типографиясы)
жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Огонбаева көчөсү, 222
2013-жылдын 22-июля басууга кол коюлган.
2013-жылдын 26-июля басылган.
185 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка**
**Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Садыркулова А.М.
Члены коллегии: Темиров К.А.
Яковлева О.В.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Абдиева К.Т.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридический отдел:
телефон: (996 312) 669 034
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел внешних и общественных связей:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 61 04 56
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках**.

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано в типографии «Graffa» ЧП Маслов А.С.
г. Бишкек, ул. Огонбаева, 222
Подписано в печать 22 июля 2013 г.
Отпечатано 26 июля 2013 г.
Тираж 185 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2013 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жылдагы иши боюнча толук отчету болуп саналат. Ал Республиканын экономикалык өнүгүшү, Улуттук банктын акчакредит саясаты, финансылык отчету жөнүндө кыскача маалыматтарды, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын экономикасына негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана анын секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат. Тиркемелеринде төлөм теңдеминин нейтралдуу формасы, тышкы соода түзүмү, эларалык камдар (резервдер) тышкы карыз боюнча маалыматтарды камтыган таблицалар келтирилген. Чейрек сайын - январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылмада республикада жана анын региондорунда керектөө бааларынын динамикасы, инфляциянын негизги факторлорун анализдөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтар камтылып, кийинки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Басылма Кыргыз Республикасынын финансы системасынын учурдагы абалын экономиканын башка секторлору менен өз ара байланышта кароого алынышы боюнча аналитикалык маалыматты камтыйт. Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдайт. Алты айда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилинде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда бир апта ичинде болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

# Издания Национального банка Кыргызской Республики

### *Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики*

Издание является полным отчетом Национального банка за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность Национального банка, общие сведения о НБКР, статические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики*

Информационное издание содержит статические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики.
Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Платежный баланс Кыргызской Республики*

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает последние тенденции в развитии внешнего сектора. В приложениях приводятся таблицы с данными по нейтральной форме платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу. Выпускается ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

### *Обзор инфляции в Кыргызской Республике*

Издание содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

### *Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики*

Издание содержит аналитическую информацию о текущем положении финансовой системы Кыргызской Республики во взаимосвязи с другими секторами экономики. Информирование общественности о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики. Выпускается 1 раз в 6 месяцев на трех языках: кыргызском, русском и английском

### *Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики*

«Пресс-релиз НБКР» содержит хронику событий, происходящих в Национальном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию НБКР за неделю, аналитические материалы по финансовому рынку и другую информацию к сведению СМИ (средства массовой информации), юридических и физических лиц. Публикуется еженедельно на русском и кыргызском языках.

# МАЗМУНУ

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 14 июнундагы № 19/2 «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтом; ........ 8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 14-июнундагы № 19\3 «Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтомунун 1-2-пунктунун чечмелениши (түшүндүрмөсү) тууралуу” токтому; ........ 12

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20\1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу” токтому; ........ 14

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26- июундагы № 20/7 «Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005- жылдын 25- августунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2005- жылдын 16-сентябрында 132-05 номеринде каттоодон өткөрүлгөн № 26/ 5токтом менен бекитилген “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтому; ........ 36

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20\13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтому ........ 40

# СОДЕРЖАНИЕ


1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 19\2 от 14 июня 2013г. ««Об утверждении Положения о минимальных требованиях к политике ценообразования банковских услуг и услуг, оказываемых микрофинансовыми организациями»; ..... 98

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 19\3 от 14.06.13г. «О толковании (разъяснении) пункта 1-2 постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики №12/6 от 11.03.2009 года «О минимальном размере капитала (собственных средств) банков»; ..... 102

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 20\1 от 26.06.2013г. “Об утверждении Положения «О порядке размещения, повторного предложения, доразмещения, обратного выкупа и проведения расчетов с государственными ценными бумагами Правительства Кыргызской Республики через Национальный банк Кыргызской Республики»; ..... 104

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 20/7 от 26 июня 2013 г. «О внесении изменений и дополнений в Положение «О Периодическом регулятивном банковском отчете», утвержденное постановлением Правления Национального банка КР № 26/5 от 25 августа 2005 года, зарегистрированное в МЮ КР 16.09.2005 г., рег. Номер 132-05; ..... 124

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики № 20\13 от 26.06.13г. “Об утверждении Положения «О порядке проведения Национальным банком Кыргызской Республики кредитных аукционов для целей рефинансирования и поддержания ликвидности»; ..... 129

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын**
**2013-жылдын 14-июнундагы № 19\2 токтому**

## «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кароого сунушталган «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.
2. Юридика башкармалыгы бул токтомду Улуттук банктын расмий сайтына жарыяласын.
3. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
4. Юридика башкармалыгы расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
5. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Микрофинансылык уюмдар ассоциациясын, Кыргызстандын кредиттик союздар жана кооперативдер бирлигин, Кыргызстандын кредиттик союздар кооперативдер ассоциациясын жана "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсын тааныштырсын.
6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л.Чокоев мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын «14» июнундагы
№ 19\2 токтому менен бекитилген

**«Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобо**

## I. Жалпы жоболор

1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө", "Кредиттик союздар жөнүндө", "Атаандаштык тууралуу" мыйзамдарына, Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелеринин Кыргыз Республикасынын банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо саясатына жана анын негизги принциптерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзам талаптарын сактоо үчүн банктык операцияларды жүзөгө ашырууда колдонулган атайы атоолорду (терминдерди) эске алуу менен иш алып барган коммерциялык банктардын банктык кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана финансы-кредит мекемелеринин (мындан ары – ФКМ) сунуштаган кызматтардын баасын белгилөөгө карата системалуу ыкманы камсыз кылуу, мына ушул жобонун негизги максаты болуп саналат.
3. Ушул жобонун максатында, баа түзүү саясаты – бул ФКМдердин баа түзүү стратегиясын аныктоого багытталган иши, ал ФКМдердин ар кандай банктык кызмат көрсөтүүлөргө (продукттарга) жана микрофинансылык уюмдар сунуштаган кызматтарга баа түзүү (бааны белгилөө) процессин жөнгө салган, рынок коньюнктурасынын өзгөрүүсүнө ылайык тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген ички ченемдик документтеринде камтылууга тийиш.
4. Пайыздык чендер жана комиссиялык сый акылар, ошондой эле микрофинансылык уюмдар сунуштаган банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ФКМдер тарабынан өз алдынча белгиленет.

## II. ФКМдердин баа түзүү саясатына карата талаптар

5. Ар бир ФКМ ыйгарым укуктуу башкаруу органы тарабынан (банктар үчүн Директорлор кеңеши, ал эми башка ФКМдер үчүн ыйгарым укуктуу башкаруу органы/жак тарабынан) бекитилген баа түзүү саясаты иштелип чыгышы зарыл.
6. Аткаруу органы (банктар үчүн – Банк Башкармасы, ал эми башка ФКМдер үчүн ыйгарым укуктуу аткаруу органы/жак тарабынан) баа түзүү саясатынын иштелип чыгышы жана анын жүзөгө ашырылышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.
7. Баа түзүү саясатында эң аз дегенде төмөнкүлөр камтылышы зарыл:
   1) ФКМдин орун алган тобокелдиктерди жана сый акыларды эске алуу менен активдүү жана пассивдүү операцияларды жүзөгө ашырууда баа түзүү саясатынын максаттары жана милдеттери;
   2) Банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана микрофинансылык уюмдар сунуштаган кызматтарды керектөөчүлөргө рыноктук талдап-иликтөөлөр жана аларга баа белгилөөгө карата талаптар;
   3) ФКМ тарабынан белгиленген рентабелдүүлүк деңгээлине жетишүү үчүн административдик-чарбалык чыгашаларды кошо алганда, пайыздык жана пайыздык эмес чыгашаларга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча талаптар;
   4) Кредиттердин бардык түрү боюнча пайыздык чендер калыптана турган жана ФКМдер үчүн алгылыктуу болгон компоненттерди чечмелөөгө, пайыздык чендердин төмөнкү жана жогорку чектерин аныктоого карата талаптар, ошондой эле алардын колдонулушу жана мезгил-мезгили менен кайрадан карап чыгуу тартибине карата талаптар (тартылган каражаттардын наркын, кредитти тейлөө наркын, кошумча чыгашаларды, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартууларынын ордун жабууга кам түзүүгө кеткен чыгашаларды, орун алуучу тобокелдиктерди, инфляция көрсөткүчүн, салыктарды, ФКМ рентабелдүүлүгүнүн белгиленген деңгээлин жана объективдүү орун алган факторлор, ФКМдин ишинин регионалдык ж.б. өзгөчөлүктөрү менен шартталган, башка сарптоолорду);
   5) Депозиттердин бардык түрү боюнча пайыздык чендердин компоненттерин чечмелөөгө карата талаптар, ФКМдер үчүн алгылыктуу болгон пайыздык чендердин төмөнкү жана жогорку чектери, алардын колдонулушуна жана мезгил-мезгили менен кайрадан каралып чыгышына карата талаптар;
   6) Башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын негиздүүлүгүнө карата талаптар;

7) Банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө бааны аныктоо ыкмасын тандоо негиздемелерин, ошондой эле ФКМдердин бизнес жүргүзүүсүнүн реалдуу өбөлгөлөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө негизденген ыкмаларга карата талаптарды;
8) ФКМдердин башкаруу органдарынын жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ыйгарым укуктарын, баа түзүү саясатынын максаттарына жетишүү жана баа түзүү стратегиясынын аткарылышы үчүн алардын жоопкерчилиги, ФКМдеги баа түзүү саясатына мониторинг;
9) контролдукту жүзөгө ашыруу, анын натыйжалуулугуна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө карата талаптар;
10) банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана микрофинансылык уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо шарттары, ФКМдин колдонуудагы пайыздык чендерине жана тарифтерине сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор туралуу кардарларга өз учурунда маалымдалышына карата талапта;
11) колдонуудагы тарифтерге мезгил-мезгили менен талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана аларды кайрадан карап чыгуу жана натыйжасын ыйгарым укуктуу башкаруу органынын кароосуна сунуштоо талаптары.

## III. Корутунду жоболор.

8. ФКМдер тарабынан ишке ашырылып жаткан баа түзүү саясаты транспаренттүү болууга, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы жөнгө салуу жагындагы мыйзам талаптарына ылайык келип, адилет атаандашууну өнүктүрүүгө жана банктык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоого багытталышы зарыл.
9. Баа түзүү саясаты ыйгарым укуктуу башкаруу органы тарабынан бекитилип, жаңы иш багыттарын жана жетишилген ийгиликтерди эске алуу менен жылына кеминде бир жолу кайрадан каралып турууга тийиш.
10. ФКМдер баа түзүү саясатын жана ички документтерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талабы боюнча кароого сунуштоого милдеттүү.
11. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы республиканын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык келиши көз карашынан ФКМдердин баа түзүү саясатына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүп турат.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 14-июнундагы № 19\3 токтому**

## Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтомунун 1-2-пунктунун чечмелениши (түшүндүрмөсү) тууралуу

Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтомунун 1-2-пунктунун мааниси эки башка түшүнүп калуу жагдайын четтетүү максатында, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамынын 31-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын 11-мартында кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2009-жылдын 1-апрелинде 30-09 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №12/6 токтомдун 1-2-пункту боюнча берилген чечмелөөлөр (түшүндүрмөлөр) бекитилсин.
2. Токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
   - бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын;
   - расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтүлүшүн камсыз кылсын.
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы бул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л.Чокоев мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 14-июнундагы
№19\3 токтомуна карата тиркеме

Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтомунун 1-2-пункту боюнча
ЧЕЧМЕЛӨӨЛӨР (ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР)

***“Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтомунун 1-2-пунктунда*** *Кыргыз Республикасынын “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамына ылайык, атайы администрлөө режиминде турган банкты сатып алуу учурунда капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмүнө тиешелүү экономикалык ченемдик кеминде 600 млн сом өлчөмүндө белгилөө*” **дегенден улам,** “*Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамынын талабына ылайык, атайы администрлөө режиминде турган банкты сатып алуу учурунда капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмүнө тиешелүү экономикалык ченем,* ***аталган мыйзамдын 19-7-беренесинде көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөндөн кийин гана кеминде 600 млн. сом өлчөмүндө белгиленет”*** деп түшүнүү зарыл.

“Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө ”Мыйзамдын 19-7-беренесинде көрсөтүлгөн жеңилдик каралган мөөнөт бүткөндөн кийинУлуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 11-мартындагы №12/6“Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө” токтому колдонулат.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20\1 токтому**

## «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Кыргыз Республикасынын Ёкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.
2. «Кыргыз Республикасынын Ёкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун нормалары күчүнө кирген күндөн тартып, Улуттук банктын төмөнкү ченемдик документтери күчүн жоготкон катары таанылсын:
   - Улуттук банк Башкармасынын 1997-жылдын 18-июнундагы №15/12 токтому менен бекитилген «Финансы-кредит мекемелердин мамлекеттик казына векселдери менен операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо;
   - Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 1-декабрындагы №31/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда биринчилик дилерлердин иши жөнүндө» жобо;
   - Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 19-сентябрындагы №42/4 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик казына векселдерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу боюнча аукцион өткөрүү тартиби жөнүндө» жобо;
   - Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 26-ноябрындагы №42/4 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо;

3. Токтом Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтына жарыялансын.
4. Юридика башкармалыгы бул токтомду расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтсүн.
5. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
6. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.
7. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Абдыбалы тегин С. мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын «26 » - июнундагы № 20\1
токтому менен бекитилген

**«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-октябрындагы №556 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын (мындан ары-МБК) чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздар эмитентинин - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (2013-жылдын 22-мартындагы №10-1-2/2733 жана 201-жылдын 2-майындагы №10-1-2/4295 каттары) позициясын эске алуу менен иштелип чыккан жана анда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары –Улуттук банк) Республиканын аймагында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган (мындан ары - Финансы министрлиги, Эмитент) мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча операцияларды ишке ашыруу тартиби аныкталат.
2. Улуттук банк МБКларды жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү жана депозитардык эсепке алуу боюнча операцияларын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-октябрындагы №556 токтому жана ушул жобо менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого жана ушул Жобого ылайык, Финансы министирлиги менен түзүлгөн келишимдин негизинде ишке ашырат.
3. Мамлекеттик казына векселдери (мындан ары -МКВ) жана Мамлекеттик казына облигациялары (мындан ары - МКО) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын түшүндүрөт.

4. МБКларды жайгаштыруу жана кайталап сунуштоо, Улуттук банк тарабынан Улуттук банктын автоматташтырылган тоорук системасы (мындан ары АТС) аркылуу аукциондук негизде ишке ашырылат. Аукцион, билдирмелер аларда көрсөтүлгөн баа боюнча канааттандырылган ыкмада өткөрүлөт.
5. АТСти пайдалануу мүмкүн болбогон шартта, аукцион өткөрүүгө өбөлгө түзгөн кайсыл болбосун башка каражаттар аркылуу ишке ашырылат.
6. Улуттук Банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн МБКлары боюнча милдеттенмени өз мойнуна албайт.
7. МБКларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу (мындан ары - кошумча жайгаштыруу) – бул, Эмитент тарабынан Улуттук банк аркылуу атаандашуусуз ишке ашырылуучу, МБКлардын жарыяланган чыгарылышынан тышкары МБКларды жайгаштыруу болуп саналат. Кошумча жайгаштыруу, тиешелүү мөөнөттүүлүктөгү МБКларды жайгаштыруу боюнча акыркы өткөрүлгөн аукциондо түптөлгөн орточо салмактанып алынган баада жана белгиленген купондук чен боюнча Эмитент тарабынан жарыяланган кошумча жайгаштыруунун көлөмүнүн чегинде ишке ашырылат.
8. МБКларды кайтара сатып алуу Эмитент тарабынан Улуттук банк аркылуу ишке ашырылат жана Эмитент тарабынан жарыяланган МБКларды кайтара сатып алуу көлөмүнүн алкагында, ал белгилеген баада жүргүзүлөт.
9. Мамлекеттик баалуу кагаздарга каттоо номерин ыйгаруу, Кыргыз Респубикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2010-жылдын 13-сентябрындагы №201 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздарга каттоо номерин ыйгаруу жана мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздардын реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого ылайык жүзөгө ашырылат.
10. Улуттук банктын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/18 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Автоматташтырылган торук системасынын иши жөнүндө” (мындан ары-АТСтин иши жөнүндө Жобо) жободо белгиленген шарттар жана эрежелер ушул Жобого таркатылат.
11. МБКларды жайгаштыруу, кошумча жайгаштыруу, кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу боюнча аукциондорго катышуу укугуна АТСке туташтырылган тике катышуучулар ээ болушат. Кыйыр катышуучулар аукциондорго билдирмелерин тике катышуучулар болуп саналган коммерциялык банктар (мындан ары-банктар) аркылуу берүү менен катыша алышат жана/ же МБКларды экинчилик рыногунан сатып алышат.

## 2. Аныктамалар жана атоолор

Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөндөгү көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, АТСтин иши жөнүндө Жободо белгиленген аныктамалар жана атоолор колдонулат.

12. Аукцион – МБКларды сатуу формасы, мында билдирмелерди канааттандыруу атаандаштыктын негизинде ишке ашырылат.
13. МБКларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу – МБКларды атаандашуусуз сатуу.
14. Атаандаштык негизде сатуу – көрсөтүлгөн (белгиленген) баада сатылып алынган МБКлардын баасын жана санын көрсөтүү менен сатуу.
15. Атаандашуусуз сатуу – МБКларды аукциондо түптөлгөн, орточо алынган баа боюнча сатуу.
16. Кыйыр катышуучу – МБКларды сатып алууга билдирмени тике катышуучу болуп саналган банк аркылуу беришкен, аукционго тике катышуучу болуп саналышпаган жеке адамдар жана юридикалык жактар.
17. Кайтара сатып алуу – Эмитент тарабынан жүгүртүүдөгү МБКларды сатып алуу боюнча ишке ашырылган операция.
18. Чыгаруу параметрлери – МБКлардын чыгарылышы жөнүндө маалыматтар: номери, күнү, чыгаруу көлөмү, төлөө күнү жана МБКларды мүнөздөгөн башка маалыматтар.
19. МБКларды төлөө – төлөнүүчү чыгарылыштагы МБКларга ээлик кылуучулардын эсебине анын номиналдык наркын чегерүү.
20. МБКларды кайталап сунуштоо – буга чейинки чыгарылыштагы жарыяланган жана жарым-жартылай жайгаштырылган МБКлардын жайгаштырылбаган бөлүгүн аукциондук негизде сунуштоо.
21. Тике катышуучу – Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу МБКлар рыногунда Улуттук банк менен иш алып барууга тиешелүү келишим түзгөн банк, ошондой эле институционалдык инвесторлор - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу жана Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги.
22. Чектөө баасы – билдирмелерди канаттандыруу, аны менен чектелген баа.
23. Эмитент – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан иш алып барган Финансы министрлиги.
24. Мамлекеттик казына векселдери – кыска мөөнөттүү, пайызсыз (дисконттук) мамлекеттик баалуу кагаздар (жүгүртүү мөөнөтү 1 айдан 12 айга чейин, жетиге бөлүнгөн, мисалы:1 айлык боюнча 28 күндөн баштап жана 12 айлык боюнча 364 күнгө чейин) Бир МКВнын номиналдык наркы 100 сомго барабар.

25. **Мамлекеттик казына облигациялары** – пайыздык кирешеге (купонго) ээ узак мөөнөттүү (1 жылдан ашык) мамлекеттик баалуу кагаздар. Бир МКОнун номиналдык наркы жана ар бир чыгарылыштын параметрлери МКОну чыгаруу учурунда Эмитент тарабынан аныкталат.

### 3. МБКлар рыногунда тике катышуучу статусун берүү шарттары

26. МБКлар рыногунда тике катышуучу болуп иштегенди каалаган банк, эң аз дегенде төмөндөгү критерийлерге туура келүүгө тийиш:
    - МКБлар менен иш алып барууда тобокелдиктерди тескөө саясаты, МБКларды депозитардык эсепке алууну жүргүзүү тартиби, МБКлар менен иштөөдө ички контролдук системасы аныкталган документтердин болушу;
    - Улуттук банктын бардык экономикалык ченемдерин тике катышуучу статусун берүү жөнүндө арыз берилген күнгө чейинки акыркы алты ай ичинде сактоо;
    - финансылык жылдын тике катышуучусу статусун берүү жөнүндө арыз берилгенден мурунку күндүн жыйынтыгы боюнча ишинин чыгашасыз болушу, ошондой эле өтүп жаткан жылы финансылык иш натыйжаларынын алгылыктуу болушу;
    - АТСке туташкан болуусу;
    - Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу МБКлар рыногунда иш алып баруу жөнүндө Улуттук банк менен түзүлгөн келишимдин болуусу (Ушул Жобого №1 Тиркеме).
27. Банк тике катышуучу катары төмөнкү милдеттерди өзүнө алат:
    - бардык филиалдарында жана бөлүмдөрүндө жеке адамдардан-резидентерден атаандаштык жана атаандаштык эмес билдирмелерди кайтарымсыз негизде кабыл алуу;
    - өз кардарларынын - резиденттерден болушкан жеке адамдардын атынан жана алардын тапшыруусу боюнча сатып алынган МБКлар боюнча операциялардын депозитардык эсебин кайтарымсыз негизде жүргүзүү жана тейлөө;
    - МБКлар боюнча акыркы аукциондордо түптөлгөн орточо алынган баалар жана кирешелүүлүк жөнүндө маалыматтарды жана МБКлар боюнча буга чейинки аукциондордогу маалыматтарды өзүнүн веб-сайтына, ошондой эле филиалдарынын маалымат такталарына жарыялоо;
    - Улуттук банк тарабынан белгиленген форматта отчетторду, ошондой эле Улуттук банктын жана /же Финансы министрлигинин суроо-талабы боюнча тике катышуучу катары ишине байланыштуу болгон башка маалыматтарды өз убагында берип туруу.

28. Улуттук банк, жеринде барып жана тике катышуучу болуп саналган банктар тарабынан 27-пункта көрсөтүлгөн милдеттердин аткарылышына тиешелүү башка текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга укуктуу.

29. Тике катышуучу болуп саналышкан банктар тарабынан 27-пунктта көрсөтүлгөн милдеттер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган шартта Улуттук банк, тике катышуучунун МБКлар аукционуна катышуу укугун алты айга чейин чектөөгө укуктуу.

30. Атайын иш ыргагы (убактылуу жетекчилик, консервация) киргизилген банктарга Улуттук Банк Башкармасынын МБКлар менен операцияларды жүргүзүүгө уруксат берүү жөнүндө токтому болгон шартта, тике катышуучунун статусу ыйгарылышы мүмкүн.

31. Улуттук банк менен ал аркылуу жайгаштырылуучу МБКлар рыногундагы иши тууралуу келишим түзгөн Институционалдык инвестор – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна жана Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине АТСке туташуусу шартында тике катышуучу статусу ыйгарылат.

## 4. МБКларды баштапкы жайгаштыруу жана кайталап сунуштоону ишке ашыруу шарттары жана тартиби

32. Улуттук банк, Эмитенттен алган тапшырманын жана МБКларды жайгаштыруу боюнча аукцион жүргүзүүгө белгиленген формадагы глобалдуу сертификаттын негизинде аукцион өткөрөт. МКБларды чыгарууга жана жайгаштырууга документтердин формасы жана түзүмү, Улуттук банкка макулдашылат жана Эмитенттин буйругу менен бекитилет. МБК ауционун өткөрүү үчүн зарыл болгон документтер аукцион өткөрүлүүчү күнгө чейинки эки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен, Эмитент тарабынан Улуттук банкка берилет. МБКларды чыгаруу параметрлери Эмитент тарабынан анын веб-сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат. Улуттук банк МБКларды чыгаруу параметрлерин Улуттук банктын веб-сайтына жарыялайт жана АТСте чагылдырат.

33. МБКларды жайгаштыруу боюнча аукционго катышууга билдирмелер аукцион өткөрүлчү күнү саат 9:00-13:00 чейин АТСке тике катышуучулар тарабынан берилет, оңдолот жана/же кайра чакыртылып алынат. Тике катышуучулардын саат 13:00дон кийин берген билдирмелери кайтарылгыс болуп саналат.

34. Банктардын билдирмелери өз атынан (өздүк) берилген билдирме сыяктуу эле, кардарларынын - кыйыр катышуучулардын атынан (кардарлардын билдирмеси) берилген агрегирленген билдирмени да камтышы мүмкүн. Башка катышуучулардын билдирмелери өзүнүн гана билдирмесин камтууга тийиш.

35. Тике катышуучулар өз билдирмесин атаандаша албаган сунушу менен бере алышпайт.

36. Тике катышуучунун атаандаштык сунушу менен өздүк билдирмеси төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:
    - билдирмелердин саны – 5тен ашпоого,
    - ар бир билдирме боюнча баалуу кагаздардын саны – 100гө калдыксыз бөлүнүүгө
    - бир билдирмедеги баалуу кагаздардын минималдуу саны - кеминде 1000 даана болууга.
37. Тике катышуучунун өздүк билдирмесиндеги атаандаштык негиздеги жана атаандашуусуз бөлүктөрүн кошо алганда, баалуу кагаздардын жалпы саны жайгаштырылып жаткан баалуу кагаздардын санынан ашпоого тийиш, б.а. өздүк билдирмелердин номиналы боюнча суммардык көлөмү чыгарылыштын жарыяланган көлөмүнөн ашпоосу зарыл.
38. Атаандаштык сунушу менен кардарлардын билдирмеси төмөнкү талаптарга жооп берүүсү зарыл:
    - ар бир лот боюнча баалуу кагаздардын саны – 10го калдыксыз бөлүнүүгө,
    - бир лоттогу баалуу кагаздардын минималдуу саны - кеминде 100 даана болууга.
39. Бир кардардан келип түшкөн атаандаша албаган сунушу менен билдирмелердин минималуу көлөмүнө чек коюлбайт.
40. Бир кардардан келип түшкөн билдирменин атаандаштык негиздеги жана атаандашуусуз бөлүгүн кошо алганда максималдуу көлөмү, чыгарылыштын жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.
41. Тариздетүүнүн белгиленген тартибин бузуу менен толтурулган билдирмелер анык эмес катары таанылат жана аукционго катышууга жол берилбейт.
42. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маалыматтарды ачыкка чыгаруу учурларын эске албаганда, Улуттук банк аукциондун катышуучусунун билдирмесинде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга тийиш.
43. Атаандаша албаган сунушу менен билдирмелер биринчи кезекте канааттандырылат. Канааттандыруунун максималдуу чеги номиналдык наркы боюнча чыгарылыштын көлөмүнүн 30% түзөт. Эгерде атаандаша албаган сунушу менен билдирмелердин суммардык көлөмү МБКлардын номиналдык наркы боюнча чыгаруу көлөмүнүн 30% ашса, аларды канааттандыруу пропорционалдык негизде жүзөгө ашырылат.
44. Атаандаша албаган сунушу менен билдирмелер канааттандырылгандан кийин калган чыгарылыштын көлөмү, атаандаштык сунушу менен билдирмелер ортосунда бөлүштүрүлөт. Билдирмелердин лоттору са-

тып алуу баасы боюнча алардын кемүү тартибинде ранжирленет жана максималдуу баа көрсөтүлгөн лоттон тартып, андан ары чектөө баасына чейин улам кемип олтуруу жолу менен канааттандырылат. Эгерде чектөө баасы боюнча бирден ашык билдирме берилген болсо, анда баалуу кагаздарды ошол билдирмелердин ортосунда бөлүштүрүү пропорционалдуу негизде ишке ашырылат.

45. Эгерде чектөө баасы боюнча банктын өздүк билдирмеси сыяктуу эле, анын кардарларынын билдирмелери берилген болсо, анда бул баалуу кагаздар ошол билдирмелер ортосунда пропорционалдуу негизде бөлүштүрөт.
46. Атаандаша албаган билдирме орточо алынган баада канааттандырылат.
47. Аукционго катышууга уруксат берилген билдирмелер, аукцион өткөрүлгөн күнү саат 13.00-дөн саат 14.00гө чейин АТСте иштелип чыгат.
48. Аукциондун алдын ала жыйынтыктары аукцион өткөрүлгөн күнү саат 14.30дан кечиктирилбестен, АТС аркылуу Эмитентке чечим кабыл алуу үчүн берилет.
49. Эмитент төмөнкү чечимдердин бирин кабыл ала алат: аукциондун жыйынтыгын бекитүү же аукционду өткөрүлбөгөн катары таануу.
50. Эмитент аукциондун жыйынтыгын төмөнкү чектерде бекитет:
    - билдирмелерди максималдуу канааттандыруу, чыгаруу көлөмүнөн 25%га артуусу менен чектелет;
    - билдирмелерди минималдуу канааттандыруу МБКнын чыгаруу көлөмүнүн 25% менен чектелет (ушул Жобонун 48 пунктунда аныкталган учурларды эске албаганда).
51. Эмитент төмөнкү учурларда аукционду өткөрүлбөгөн катары таанууга укуктуу:
    - аукционго катышуучулардын саны үчкө жетпесе;
    - эгерде кабыл алынган билдирмелердин орточо алынган кирешелүүлүгү акыркы аукциондо түптөлгөн орточо алынган кирешелүүлүктөн 15%га ашкан болсо.
52. Эмитент аукциондун жыйынтыгын аукцион өткөрүлгөн күнү саат 15.30га чейин бекитет.
53. Эмитент аукциондун жыйынтыгын бекиткенден кийин, билдирмелерди АТСте акыркы иштеп чыгуу жүргүзүлөт жана аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары жарыяланат.
54. Эгерде Эмитент тарабынан аукциондун жыйынтыгы бекитилсе, тике катышуучуларга аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары маалымдалат: суроо-талап жана жайгаштыруу көлөмү, орточо алынган баа, билдирмелердин максималдуу баасы жана чектөө баасы, аукциондун

катышуучуларынын саны; ар бир тике катышуучуга ал жана анын кардарлары тарабынан аукционго катышуунун натыйжасында сатылып алынган МБКларды саны жана наркы тууралуу өз-өзүнчө билдирилет.

55. Аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары Улуттук банктын мезгилдүү басылмаларында жана веб-сайтында жарыяланат.

56. МБКларды кайталап сунуштоо параметрлери Эмитент тарабынан анын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат. Улуттук банк МБКларды кайталап сунуштоо параметрлерин өз веб-сайтында жарыялайт жана АТСте чагылдырат.

## 5. МБКны кошумча жайгаштыруу шарттары жана аны ишке ашыруу тартиби

57. МБКларды кошумча жайгаштыруунун параметрлери жөнүндө маалыматтар, Эмитент тарабынан анын веб-сайтында жана ошондой эле Улуттук банк тарабынан Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланат жана АТСте чагылдырылат. МКБларды кошумча жайгаштырууга катышуу укугуна АТСке кошулган тике катышуучулар ээ. Кыйыр катышуучулар билдирмелерди банктар аркылуу берүү менен МКБларды кошумча жайгаштырууга катыша алышат.

58. МБКларды кошумча жайгаштырууга билдирмелерди берүү тартиби жана шарттары МБКлардын чыгарылышын баштапкы жайгаштыруу боюнча аукционго билдирмелерди берүү тартибине окшош.

59. Банктын билдирмеси өз атынан (өздүк) берилген билдирме сыяктуу эле, кардарларынын - кыйыр катышуучулардын атынан (кардарлардын билдирмеси) берилген агрегирилген билдирмени да камтышы мүмкүн. Банк болуп саналбаган тике катышуучунун билдирмеси өзүнүн гана билдирмесин камтууга тийиш.

60. Тике катышуучунун МКБды кошумча жайгаштырууга өздүк билдирмеси жана/же кардарлардын билдирмеси төмөнкү талаптарга жооп берүүсү зарыл:

- билдирменин саны – 1ден ашпоого,
- ар бир лот боюнча баалуу кагаздардын саны – 10го калдыксыз бөлүнүүгө,
- лот боюнча баалуу кагаздардын минималдуу саны - кеминде 100 даана болууга.

61. Тике катышуучунун өздүк билдирмесиндеги баалуу кагаздардын саны кошумча жайгаштыруунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

62. Бир кардар берген билдирменин максималдуу көлөмү кошумча жайгаштыруунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

63. Тариздөө тартибин бузуу менен толтурулган билдирмелер анык эмес катары таанылуу менен аукционго катыштырылбайт.

64. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маалыматтарды ачыкка чыгаруу учурларын эске албаганда, Улуттук банк аукциондун катышуучусунун билдирмесинде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга тийиш.

65. Кошумча жайгаштырууга катышуучулардын билдирмелери аларда көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын саны боюнча аткарылат. Билдирмелердин наркы анда көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын санын, тиешелүү мөөнөттүүлүктөгү МБКларды жайгаштыруу боюнча акыркы өткөрүлгөн аукциондо түптөлгөн орточо алынган баага көбөйтүү жолу менен эсептелинет. Эгерде билдирмелердин суммардык көлөмү МБКларды номиналдык наркы боюнча кошумча жайгаштыруу көлөмүнөн ашып кетсе, анда МБКларды ушул билдирмелер ортосунда бөлүштүрүү пропорционалдык негизде ишке ашырылат.

66. Кошумча жайгаштырууга катышууга уруксат берилген билдирмелерди АТСте иштеп чыгуу, кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн күнү саат 13.00дөн саат 14.00гө чейин жүзөгө ашырылат. Кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн күнү саат 14.30дан кечиктирилбестен, кошумча жайгаштыруунун жыйынтыктары АТС аркылуу Эмитентке берилет.

67. Тике катышуучуларга аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары маалымдалат: суроо-талап жана жайгаштыруу көлөмү, кошумча жайгаштыруунун катышуучуларынын саны; кошумча жайгаштыруунун жыйынтыгы боюнча ал жана анын кардарлары сатып алган МБКнын саны жана наркы тууралуу ар бир тике катышуучуга өз-өзүнчө билдирилет

68. Кошумча жайгаштыруунун жыйынталган натыйжалары АТСте чагылдырылып, Улуттук банктын мезгилдүү басылмаларында жана веб-сайтында жарыяланат.

### 6. МБКларды кайтара сатып алуу шарттары жана тартиби

69. Кайтара сатып алуу сунушталып жаткан МБКларды кайтара сатып алуу шарттары (сатып алынып жаткан МБКлардын баасы, көлөмү жана каттоо номери) жана аны жүргүзүү күнү Эмитент тарабынан анын веб-сайтында жана ошондой эле Улуттук банк тарабынан Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланат жана АТСте чагылдырылат. МБКларды кайтара сатып алуу АТСке кошулган тике катышуучулар арасында ишке ашырылат, ал эми кыйыр катышуучулар билдирмелерин банктар аркылуу берүү менен катыша алышат.

70. МБКларды кайтара сатып алууга катышууга билдирмелерди берүү, оңдоо жана/же кайтарып алуу тике катышуучу тарабынан АТСте кайтара

сатып алуу өткөрүлгөн күнү саат 9.00дөн саат 13.00гө чейин жүргүзүлөт. Тике катышуучулардын саат 13:00дон кийин берген билдирмелери кайтарылгыс болуп саналат.

71. Банктын билдирмеси өз атынан (өздүк) берилген билдирме сыяктуу эле, кардарларынын - кыйыр катышуучулардын атынан (кардарлардын билдирмеси) берилген агрегирилген билдирмени да камтышы мүмкүн. Башка тике катышуучулардын билдирмеси өзүнүн гана билдирмесинен туруусу тийиш.
72. Тике катышуучунун кайтара сатып алууга өздүк билдирмесиндеги баалуу кагаздардын минималдуу саны тиешелүү талаптарга жооп берүүгө тийиш: баалуу кагаздардын саны кеминде 100 даана болууга жана 10го калдыксыз бөлүнүүгө.
73. Тике катышуучунун билдирмесиндеги баалуу кагаздардын саны кайтара сатылып алынган баалуу кагаздардын санынан, б.а. өздүк билдирмелердин көлөмү номиналы боюнча кайтара сатып алуунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.
74. Бир кардардан берилген баалуу кагаздардын минималдуу саны тиешелүү талапка жооп берүүгө - кеминде 10 даана болууга жана 10го калдыксыз бөлүнүүгө тийиш.
75. Бир кардардан берилген баалуу кагаздардын саны кайтара сатып алуунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.
76. Тариздөө тартибин бузуу менен толтурулган билдирмелер анык эмес катары таанылуу менен кайтара сатып алууга катыштырылбайт.
77. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маалыматтарды ачыкка чыгаруу учурларын эске албаганда, Улуттук банк кайтара сатып алууга катышуучунун билдирмесинде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга тийиш.
78. Кайтара сатып алуунун катышуучуларынын билдирмелери аларда көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын саны боюнча аткарылат. Билдирмелердин наркы анда көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын санын Эмитент тарабынан белгиленген баага көбөйтүү жолу менен эсептелинет. Кайтара сатып алуу сунушу менен келип түшкөн билдирмелердин суммардык көлөмү Эмитент тарабынан белгиленген номиналдык наркы боюнча кайтара сатып алуу көлөмүнөн ашса, анда аларды канааттандыруу пропорционалдуу негизде ишке ашырылат.
79. Кайтара сатып алууга уруксат берилген билдирмелерди АТСте иштеп чыгуу кайтара сатып алуу өткөрүлгөн күнү саат 13.00дөн саат 14.00гө чейин жүргүзүлөт. Кайтара сатып алуу өткөрүлгөн күнү саат 14.30дан кечиктирилбестен, кайтара сатып алуунун жыйынтыктары АТС аркылуу Эмитентке берилет.

80. Кайтара сатып алуунун жыйынтыкталган натыйжалары АТСте кайтара сатып алуу өткөрүлгөн күнү саат 15.00дөн кечиктирбестен жарыяланат.

81. Кайтара сатып алуунун жыйынтыкталган натыйжалары Улуттук банктын мезгилдүү басылмаларында жана веб-сайтында жарыяланат.

## 7. Эсептөөлөр

82. Жайгаштыруу жана кошумча жайгаштырууга тиешелүү аукциондун жыйынтыгы боюнча эсептөөлөр МБКларды чыгаруу күнүнө карата ишке ашырылат, ал эми кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу кийинки жумуш күнү, купондук төлөмдөрдү төлөө жана МКОнун ордун жабуу МКОну чыгаруу шарттарына ылайык ишке ашырылат.

83. Тике катышуучулар МБКлар чыгарылган күнү жайгаштыруу жана/же кошумча жайгаштыруу боюнча аукционго катышуу боюнча канааттандырылган билдирмеге ылайык, МБКлардын сатып алынган санына төлөө үчүн өзүнүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсебин улуттук валютадагы жеткиликтүү акча каражаттары менен камсыз кылат.

84. Тике катышуучулар кайталап сунуштоо боюнча аукцион өткөрүлгөндөн кийинки жумуш күнү, бул аукционго катышуу боюнча канааттандырылган билдирмеге ылайык, МБКлардын сатылып алынган санына төлөө үчүн өзүнүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсебин акча каражаттарынын жеткиликтүү көлөмү менен камсыз кылат.

85. Кайтара сатып алуу ишке ашырылгандан кийинки жумуш күнү Эмитент, кайтара сатып алуунун натыйжаларына ылайык МБКлардын сатып алынган санына төлөө үчүн Финансы министирлигинин Борбордук Казыналыгынын Улуттук банктагы күндөлүк эсебин улуттук валютадагы акча каражаттарынын жеткиликтүү көлөмү менен камсыз кылат.

86. Сатып алынган МБКларга бөлүп төлөөгө жол берилбейт. Эгерде аукциондун тике катышуучусунун сатып алынган МБКларга төлөө үчүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде жеткиликтүү көлөмдө улуттук валютадагы каражаты жок болсо, анда анын билдирмеси жокко чыгарылат. Бул учурда аукциондун тике катышуучусу Эмитентке сатылып алынган МБКнын номиналдык наркынан бир пайыз өлчөмүндө, бирок аукциондун тике катышуучусунун төлөнгөн уставдык капиталынын бир пайызынан ашпаган өлчөмдө кем алым төлөп берет. Аукциондун тике катышуучусу кем алымды төлөмөйүнчө, ага кийинки аукциондорго катышууга жол берилбейт.

87. Улуттук банк Эмитенттин тапшыруусунун негизинде МБКлар боюнча купондук төлөмдөрдү төлөөнү жана/же МБКлардын ордун жабууну, аларды чыгаруу шарттарына ылайык, Эмитент тарабынан аныкталган күнгө карата жүзөгө ашырат.

88. Эмитент МБКлар боюнча купондук төлөмдөрдү төлөөгө жана/же МБКлардын ордун жабууга акча каражаттарынын жетиштүү көлөмүн Эмитент тарабынан аныкталган күнгө карата камсыз кылат.

89. МБКлар менен эсептөөлөрдү жүргүзүү тартиби ушул Жобого жана АТ-Стин иши жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

## 8. Корутунду жоболор

90. МБКлар менен операциялар боюнча тобокелдиктерди тескөө ыкмалары, аукциондун катышуучуларынын ички ченемдик документтери аркылуу аныкталат.

Улуттук Банк Башкармасынын 2013-жылдын
«26» - июнундагы № 20\1 токтому менен бекитилген
«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу
мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштыруу,
кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу,
кайтара сатып алуу жана эсептешүүлөрдү
жүргүзүү жөнүндө» жобого №1 Тиркеме

**_____________Банкынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы иши тууралуу №_____ келишим**

Бишкек шаары 200_-ж. «____» ________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «___»_______№___буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары ________________ бир тараптан жана мындан ары «Банк» деп аталуучу ____________________ атынан уставдын негизинде иш алып барган Башкарманын төрагасы _______________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар Улуттук Банк Башкармасынын 2013-жылдын «___»_______ №___ токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» жобого (мындан ары – жобо) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү:

## 1. Келишим предмети

1.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар (мындан ары- МБК) рыногунда тиешелүү жобого ылайык, тике катышуучу катары банктын иш жүргүзүүсү, ушул келишим предметинен болуп саналат.

## 2. Банкка карата коюлуучу талаптар

2.1. Тике катышуучу катары иштөөгө ниеттенген Банк, эң аз дегенде төмөнкү критерийлерге жооп берүүгө тийиш:

2.1.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар менен иш алып барууда тобокелдиктерди тескөө саясаты, баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алууну жүргүзүү тартиби, баалуу кагаздар менен иш алып барууда ички контролдук системасы аныкталган документтерге ээ болууга.

2.1.2. Ушул келишимге кол коюла турган күнгө чейинки акыркы алты ай ичинде Улуттук банктын бардык экономикалык ченемдерин сактоого;

2.1.3. Ушул келишимге кол коюлган күнгө чейинки, финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча чыгашасыз иш жүргүзүүгө, ошондой эле өтүп жаткан жылдагы финансылык иш натыйжалары алгылыктуу болууга;

2.1.4. Автоматтык тоорук системасына туташкан болууга.

2.2. Ушул келишимге кол коюу менен Банк, келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык келүүсүн тастыктайт.

### 3. Банктын укуктары

Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. Автоматтык тоорук системасы аркылуу өз атынан жана кардарлардын тапшыруусу боюнча мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу, кошумча жайгаштыруу, кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу аукциондоруна түздөн-түз катышууга.

3.2. Өз кардарларынын атынан жана алардын тапшыруусу боюнча сатылып алынган мамлекеттик баалуу кагаздар менен депозитардык ишти жүзөгө ашырууга.

3.3. Мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу, кошумча жайгаштыруу кайталап сунуштоо жана кайтара сатып алуу аукциондорунун параметрлери жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтарды алууга.

### 4. Банктын милдеттери

Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.1. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда ишти жүзөгө ашырууга;

4.2. Бардык филиалдарынан жана бөлүмдөрүнөн мамлекеттик баалуу кагаздар аукционуна катышууга жеке адамдардан–резиденттерден атаандаштык жана атаандаша албаган билдирмелерди кайтарымсыз негизде кабыл алууга.

4.3. Кардарлардын-жеке адамдардын-резиденттердин атынан жана алардын тапшыруусу боюнча сатылып алынган мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алууну жана алар менен операцияларды тейлөөнү кайтарымсыз негизде ишке ашырууга;

4.4. Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча акыркы аукциондордо түптөлгөн орточо алынган баалар жана кирешелүүлүк жөнүндө маалыматтарды жана МБКлар боюнча буга чейинки аукциондордогу маалыматтарды өзүнүн веб-сайтына, ошондой эле филиалдарынын маалымат такталарына жарыялоо;

4.5. Мамлекеттик баалуу кагаздар аукционунда утушка ээ болгон билдирмелердин эмиссия күнү төлөөнү ишке ашыруу жана/же баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруу үчүн өз корреспонденттик эсебинде жетиштүү көлөмдөгү акча каражаттарынын болушун камсыз кылууга. Банктын корреспонденттик эсебинде каражаттар жетишсиз болуп калса, билдирме жокко чыгарылып, Банктан утушка ээ болгон билдирмеде көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын номиналдык наркынан бир пайыз өлчөмүндө бирок, банктын уставдык капиталынын 1 пайызынан ашпаган чекте айыптык төлөм өндүрүлөт. Айыптык төлөмдү төлөгөнгө чейин Банк кийинки аукциондорго катыша албайт жана баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыра албайт.

4.6. Улуттук банк тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча депозитардык ишти эсепке алуунун эки деңгээлдүү системасынын алкагында (Улуттук банк – Башкы депозитарий; Банк- Субдепозитарий) жүзөгө ашырууга:
- аларды баштапкы жайгаштыруу учурунда өз депоненттеринин эсебине мамлекеттик баалуу кагаздарды чегерүү (аукциондун жыйынтыгы же баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруунун натыйжасы боюнча);
- төлөө мөөнөттөрү келип жеткен учурда, мамлекеттик баалуу кагаздардын тиешелүү чыгарылыштарынын эсептерин жабууга;
- депоненттерге таандык болгон мамлекеттик баалуу кагаздардын сакталышын жана аларга карата укуктардын эсепке алынышын камсыз кылууга;
- ар бир депоненттин мамлекеттик баалуу кагаздарын өз-өзүнчө эсепке алууга;
- депо-эсептери боюнча жазууларды чагылдыруу үчүн негиз болуп саналган документтердин талаптагыдай эсепке алынышын камсыз кылууга;
- кардарлардын Банктын субдепозитарийинде эсепке алынган мамлекеттик баалуу кагаздарына менчик укугун тастыктоого.

4.7. Баалуу кагаздар рыногу боюнча так маалыматтарды, ошондой эле рынокто түптөлгөн баалар, пайыздык чендер, тенденциялар жана башка зарыл маалыматтарды өз кардарларына берип турууга.

4.8. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, маалыматтардын ачыкка чыгарылышы учурларын эске албаганда, өз кардарларынын мамлекеттик баалуу кагаздарга тиешелүү маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга.

4.9. Тиешелүү отчетторду, ошондой эле Улуттук банктын жана/же Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин талабы боюнча банктын

тике катышуучу катары жалпы ишине байланыштуу башка маалыматтарды Улуттук банк белгилеген форматта өз учурунда берип турууга.

4.10. Ушул келишимге кол коюлгандан кийинки эки жумуш күнү ичинде мамлекеттик баалуу кагаздар аукционуна жана/же баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштырууга билдирмелерге кол коюуга ыйгарым укуктуу болгон адамдардын тизмесин жана ишеним каттарды Улуттук банкка берүүгө. Эгерде, ушул пунктта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар башка адамдарга өткөрүлө турган болсо, ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген учурдан тартып эки жумуш күнү ичинде Улуттук банкка жаңы тизмени жана ишеним катты берүүгө.

4.11. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, анын ичинде Улуттук банк Башкармасынын 20___-жылдын «___»________№____ токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого жана Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/18 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын автоматташтырылган тоорук системасынын иши жөнүндө» жобого ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздар менен жарандык-укуктук бүтүмдөргө келишүүгө.

## 5. Улуттук банктын укуктары

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

5.1. Банктын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы ишине көзөмөлдүктү жүргүзүү, анын ичинде жеринде барып текшерүүлөр аркылуу көзөмөлдөө.

5.2. Мамлекеттик баалуу кагаздардын Башкы депозитарийи катары иш алып баруугa.

5.3. Каражаттарды аукциондордо канааттандырылган (толук же жарымжартылай көлөмдө) билдирмелердин негизинде жана/же баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштырууда Банктын күндөлүк (корреспонденттик) эсебинен Борбордук казыналыктын Улуттук банктагы күндөлүк эсебине которууга.

5.4. Белгиленген формадагы отчеттордун, ошондой эле Улуттук банкка жана/же Финансы министрлигине зарыл болгон, банк ишине байланыштуу башка маалыматтардын өз учурунда берилишин талап кылууга.

5.5. Банкка карта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чараларды колдонууга.

## 6. Улуттук банктын милдеттери

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

6.1. Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын так жана толук эсепке алынышын камсыз кылууга.

6.2. Мамлекеттик баалуу кагаздар аукциондорунун параметрлерин жана кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруулар боюнча маалыматтарды жарыялап, Улуттук банктын сайтында жайгаштырууга.

6.3. Мамлекеттик баалуу кагаздардын аукциондору өткөрүлүп жана/же аларды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруудан кийин аукциондордун же кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгы тууралуу маалыматтарды белгиленген тартипке ылайык, банкка берүүгө.

6.4. Мамлекеттик баалуу кагаздарга төлөнгөн күнү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан баалуу кагаздардын эмиссиясына төлөөлөрдүн, банктын депо-эсебинде эсепке алынуучу номиналдык наркын банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине чегерүүгө.

6.5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан баалуу кагаздар боюнча купондук төлөмдөр төлөнгөн күнү банктын депо-эсебинде эсепке алынган, МБКлардын санына туура келген купон боюнча төлөө суммасын банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине чегерүүгө.

6.6. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, маалыматтарды чечмеленип берилиши жагдайын эске албаганда, банктын мамлекеттик баалуу кагаздары менен операциялары боюнча маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаш маселелерди чечүү тартиби

7.1. Банктын эсебинен каражаттардын туура эмес эсептен алынып салынышы, ошондой эле тиешелүү суммалардын Улуттук банк тарабынан кечиктирилип же туура эмес чегерилиши учурунда, Улуттук банк банктын пайдасына ар бир кечиктирилген күн үчүн чегерилбей калган суммадан (же ашыкча алынып коюлган суммадан) 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт.

7.2. Банк жаңылыш чегерилген суммалар тууралуу маалымдап, аларды Улуттук банкка кайтарып берүүгө милдеттүү. Эгерде, жаңылыш чегерилген суммалар кайтарылып берилбесе, банк жаңылыш чегерилген суммадан 0,1% өлчөмүндө ар бир күн үчүн туум төлөйт.

7.3. Тараптар өз милдеттерин аткарбай койгондугу же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

7.4. Ушул келишимди аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуу максатында, тараптардын сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

7.5. Жөнгө салынбаган талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилиши зарыл.

7.6. Улуттук банк, эгерде бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ал эмитирлеген мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча милдеттенмелерин аткарбай коюусунун кесепетинен келип чыкса, милдеттенмелердин аткарылбай калышы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 8. Келишимди колдонуу мөөнөтү жана аны токтотуу тартиби

8.1. Келишим ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонууда болот.

8.2. Эгерде, тараптардын бири келишим мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күн мурда келишимди токтотуу жөнүндө ниетин кат жүзүндө билдирбесе, келишим ар бир кийинки календардык жылга дароо узартылат.

8.3. Келишим Улуттук банктын демилгеси боюнча сыяктуу эле, Банктын демилгеси боюнча токтотулушу мүмкүн.

8.4. Улуттук банк төмөнкү учурларда алдын ала маалымдоосуз эле бул келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу:

- Банк ушул келишим боюнча өз милдеттерин аткарбай койсо же талаптагыдай аткарбаса;
- банкка карата жоюу жол-жобосу башталса;
- банктын банктык лицензиясы токтотулса же кайтарылып алынган болсо.

## 9. Башка шарттар

9.1. Банктын мамлекеттик баалуу кагаздар аукциондоруна катышуусунун жана/же баалуу кагаздарды кошумча (аукциондон тышкары) жайгаштыруусунун натыйжасы боюнча Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинен акча каражаттарын акцептсиз тартипте эсептен алып салууга Банк Улуттук банкка укук ыйгарат.

9.2. Ушул Келишим шарттары тараптардын макулдугу боюнча өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн.

9.3. Жогоруда аталган жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип же жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган шартта, ушул келишим шарттары жобонун жаңы нормаларына ылайык келтирүү максатында, кайрадан каралып чыгууга тийиш.

9.4. Келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, алар кат жүзүндө таризделинип, тараптар кол коюуга тийиш жана кабыл алынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

9.5. Бул келишим тараптардын ар бирине бирден, эки нускада түзүлгөн. Эки нускасы тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

**Тараптардын реквизиттери:**

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы:** | **Банк:** |
| Бишкек шаары, Үмөталиев атындагы көчө, 101 | |
| Төраганын орун басары | |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20\7 токтому**

## Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005-жылдын 25-августунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2005–жылдын 16-сентябрында 132-05 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №26/5 токтом менен бекитилген “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тууралуу” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005-жылдын 25-августунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2005-жылдын 16-сентябрында 132-05 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №26/5 токтом менен бекитилген “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин.
2. Юридика башкармалыгы:
   - бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтына жарыяланышын;
   - расмий жарыялангандан кийин, бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигине жөнөтүлүшүн камсыз кылсын.
3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемеси - “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсын тааныштырсын.
4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Коммерциялык банктар, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемеси - “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсы ушул токтомго ылайык, 2013-жылдын 1-декабрынан тартып “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктын отчеттун» 37-бөлүгүнүн Улуттук банкка берилип турушун камсыз кылсын.
6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л. Чокоев мырзага жүктөлсүн.

Төрага — Асанкожоева З.М.

**Улуттук банк Башкармасынын**
**2013-жылдын «26» июнундага**
**№ 20\7 токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005-жылдын 25-августунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2005–жылдын 16-сентябрында 132-05 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №26/5 токтом менен бекитилген “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005-жылдын 25-августунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 2005–жылдын 16-сентябрында 132-05 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №26/5 токтом менен бекитилген “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1. Жобонун 3.3.-пунктундагы «36» деген сан «37» деген санга алмаштырылсын;
2. Жобонун 4.4.-пунктун биринчи жана экинчи сүйлөмдөрүндөгү «36» деген сан «37» деген санга алмаштырылсын;
3. “Мезгил мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктын отчеттун” 2-тиркемеси төмөнкү мазмундагы 37-бөлүк менен толукталсын:

37-бөлүк

37.а.-бөлүкчөсү

Жеке адамдардын кредиттери боюнча карыздар жөнүндө маалыматтар (кредиттер боюнча)

| банктын коду | күнү | Карыз алуучунун аты-жөнү | Карыз алуучунун паспортун ун № | паспорт берилген күнү | персоналд ык№ | Карыз алуучунун паспортунд а көрсөтүлгө н дарегии | Карыз алуучунун анык жашап турган дареги | кредит берилген күн | келишим боюнча кредитти төлөө күнү | кредит берилген аймактын коду | кредит берген филиалд ын коду | кредиттин максаттуу пайдаланыл ышынын коду | кредитти н түрүнүн коду | кредит берилген валютаны н коду | берилген кредиттин суммасы | пайыз дык чен | кредит боюнча карыз калдыгы | кредиттер боюнча карыз калдыгынын чегерилбеген статусуна ээ калдыгы | кредит мөөнөтү бүткөндөн кийинки мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз калдыгы | пайызда р боюнча карыз калдыг ы | кредитти классифика циялоо | РППУнун өлчөмү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

37.Б.1.-бөлүкчөсү
Юридикалык жактардын кредиттери боюнча карыздары тууралуу маалыматтар (кредиттер боюнча)

| банктын коду | күнү | юридикалык жактын аталышы | юридикалык жактын персоналдык ИНН № | юридикалык жактын юридикалык дареги | юридикалык жактын айкын жайгашкан дареги | юридикалык жактын жетекчисинин аты- жөнү | юридикалык жактын жетекчисинин паспортунун № | паспорт берилген күнү | кредит берилген күн | келишим боюнча кредити төлөө күнү | кредит берилген аймактын коду | кредит берген филиалдын коду | кредиттин максаттуу пайдаланылышынын коду | кредит берилген валютанын коду | берилген кредиттин суммасы | пайыздык чен | кредит боюнча карыз калдыгы | кредиттер боюнча карыз калдыгынын чегерилбеген статусуна ээ калдыгы | кредит мөөнөтү бүткөндөн кийинки мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз калдыгы | пайыздар боюнча карыз калдыгы | кредитти классификациялоо | РППУнун өлчөмү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

37.Б.2.-бөлүкчөсү
Уюштуруучулар/акционерлер - юридикалык жактар тууралуу маалыматтар

| банктын коду | күнү | юридикалык жактын аталышы | уюштуруучунун/акционер дин -жеке адамдардын аты-жөнү; юридикалык жактын аталышы | уюштуруучунун/акционер дин -жеке адамдын паспортунун №; юридикалык жактын ИННи | уюштуруучунун/акционер дин -жеке адамдын паспорту берилген күн; юридикалык жактын ИННи катталган күн. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы № 20\13 токтому**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.
2. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 24-апрелиндеги №13/18 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтому күчүн жоготкон катары эсептелинсин.
3. Юридика башкармалыгы бул токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын.
4. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Юридика башкармалыгы бул токтомду расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрилигине жөнөтсүн.
6. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.
7. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Абдыбалы тегин С. мырзага жүктөлсүн.

Төрага Асанкожоева З.М.

Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын
“26 ” июнундагы № 20\13 токтому менен бекитилген

**«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул жободо, өз ишин Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырган коммерциялык банктарга (мындан ары – Банк/Банктар) кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттарына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан (мындан ары –Улуттук банк) аукциондордун негизинде кредиттик каражаттардын берилиши тартиби аныкталат.
2. Кредиттик аукциондорду Улуттук банк акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5, 20 жана 28-беренелерине ылайык өткөрөт.
3. Кайра каржылоо жана банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоого алуу үчүн Банктарга белгилүү бир мөөнөткө кредиттик ресурстарды сунуштоо, кредиттик аукциондорду өткөрүү максатынан болуп саналат.
4. Кредиттик ресурстар 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө берилет. Кредиттик каражаттарды сунуштоо шарттары жана алардын көлөмү Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен аныкталат.
5. Улуттук банк бир тараптан жана ушул Жободо жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга жооп берген Банктар экинчи тараптан, кредиттик аукциондордун катышуучуларынан болуп саналышат.

## 2. Колдонулган атоолор жана түшүнүктөр

6. Кредиттик аукцион – бул, Улуттук банктын аукциондук механизмди колдонуу менен күрөөлүк камсыздоо алдында улуттук валютада кайра каржылоо операцияларын ишке ашыруу ыкмасы.
7. Кредиттик ресурстар – Улуттук банк тарабынан Банкка мөөнөтүндө төлөө, төлөөгө жөндөмдүүлүк жана убагында кайтарып берүү шарттарында, күрөөлүк камсыздоо алдында катталган пайыздык чен боюнча сом түрүндө сунушталган акча каражаттары.
8. Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишим (Башкы келишим) – бул, Улуттук банк менен Банк ортосунда түзүлгөн келишим. Келишимде

кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча кайра каржылоого жана ликвиддүүлүктү колдоого Улуттук банк тарабынан кредиттик ресурстардын Банкка берилиши шарттары жана мында келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуу тартиби аныкталат. Башкы келишим, ушул Жобого карата тиркемелерде көрсөтүлгөн формада жана Банк Жобонун 26-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык келген учурда түзүлөт.

9. Кредиттик келишим – бул, Улуттук банк менен Банк ортосунда, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Башкы келишимдин алкагында түзүлгөн келишим, анын негизинде Улуттук банк Банкка кредит берет. Келишимде кредит берүү жана аны төлөө шарттары жана тартиби аныкталат жана ал Башкы келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

10. Күрөө келишими – бул Улуттук банк менен Банк ортосунда, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Башкы келишимдин алкагында түзүлгөн келишим, анын негизинде Банктын кредиттик каражаттарды кайтарып берүү боюнча милдеттенмеси күрөө менен камсыз кылынат. Келишимде күрөөлүк камсыздоону сунуштоо шарттары жана тартиби аныкталып, ал Башкы келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

11. Кредиттин мөөнөтү – бул, календардык күндөрдө туюндурулган, кредит берилген күндөн тартып, ал боюнча милдеттенмелер толук аткарылган, кредиттик келишимде көрсөтүлгөн күндү кошо камтыган, убакыт аралыгы.

12. Чектөө чени – билдирмелерди канааттандыруу ага жеткенде аяктаган чен.

13. Операциялык күн – Улуттук банктын операциялык күн регламентине ылайык, ар бир жумуш күнү саат 8:30 - 16:30 чейинки убакыт аралыгы.

## 3. Кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик ресурстарды сунуштоо шарттары

14. Улуттук банктын кайра каржылоо үчүн каралган кредиттик ресурстары максаттуу багыттарды көздөп, Банктар тарабынан Кыргызстандын резиденттери болуп саналышкан юридикалык жактар жана жеке адамдар Кыргыз Республикасынын аймагында өздөштүрүп жаткан төмөнкү багыттарга каралган долбоорлорду кредиттөө үчүн пайдаланылууга тийиш:

- Өнөр жайына, мында экспортко багытталуучу жана импортту алмаштыруучу продукцияларды чыгарган тармактарга биринчи кезекте көңүл бурулушу зарыл;
- Айыл-чарбасына, даярдоо жана кайра иштетүүгө:
- мал чарбачылыгына;

- өсүмдүк өстүрүүгө.
- Транспорт, байланыш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө;
- Соода жана коммерцияга (юридикалык жактардын жана жеке адамдардын келишимдери, контрактылары боюнча продукцияларды берүүлөр үчүн төлөөлөр);
- Курулушка;
- Туристтик чөйрөгө.

15. Улуттук банктын кайра каржылоо максаттарына кредиттик ресурстары сунуштоосунун максималдуу мөөнөтү - 6 ай.
16. Ушул Жобонун 38-пунктунда көрсөтүлгөн активдер, Улуттук банктын кайра каржылоо максаттарына берилген кредиттик ресурстары үчүн күрөөлүк камсыздоо катары колдонулушу мүмкүн.
17. Улуттук банктын кредиттик ресурстарынын эсебинен банктарга берилген кредиттер боюнча номиналдык жылдык пайыздык чен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн субсидиялоо боюнча атайын программаларынын алкагында белгиленген пайыздык чендерден ашпоого тийиш. Мында, банк Улуттук банктын каражаттарынын эсебинен кредит берүүдө, карыз алуучулардын алар менен түзүлгөн келишимдерде көрсөтүлүүгө тийиш болгон кредиттик милдеттенмелерди аткарбай койгондугу үчүн айыптык төлөмдөрдү эске албаганда, белгиленген нарктык түрүндө туюндурулган номиналдык пайыздык чендердин ашып кетишине тике жана/же кыйыр түрдө таасир этиши мүмкүн болгон комиссиялык төлөмдөрдү, жыйымдарды же башка кошумча төлөмдөрдү өз карыз алуучуларына чегерүүгө/алардан кармап калууга укугу жок. Пайыздык чендердин туура эсептелиниши жана колдонулушу үчүн жоопкерчилик, кредиттик каражаттарды берүү келишиминеге ылайык, коммерциялык банкка жүктөлүүгө тийиш.
18. Улуттук банк тарабынан Банктын ликвиддүүлүгүн колдоого кредиттик ресурстар кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктүү колдоо максатында сунушталат.
19. Улуттук банк тарабынан Банктын ликвиддүүлүгүн колдоого кредиттик ресурстар 3 айлык максималдуу мөөнөткө берилет.
20. Мамлекеттик баалуу кагаздар жана/же Улуттук банкта пайызсыз депозит эсебиндеги акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы гана Улуттук банк тарабынан ликвиддүүлүктү колдоо үчүн берилүүчү кредиттик ресурстардын күрөөлүк камсыздоосунан боло алат.
21. Банк, Улуттук банктан алынган кредиттик ресурстарды банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана мамлекеттик баалуу кагаздар

рыногун кошо алганда, баалуу кагаздар рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле өз инсайдерлери же аффилирленген жактары менен операцияларды ишке ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок. Банк Улуттук банктан алынган кредиттик ресурстарды ушул Жобонун 14, 18 жана 22-пункттарында көрсөтүлгөн максаттарга гана колдонууга тийиш.

22. Банк, кредиттик аукциондо алынган кредиттик ресурстарды ушул Жобонун 23-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык микрофинансылык компаниялар жана микрокредиттик компаниялар сыяктуу, банктык эмес финансы-кредит мекемелерин андан ары кредиттөө үчүн пайдаланууга укуктуу.

23. Эгерде кредиттик ресурстар Банк тарабынан ушул Жобонун 22-пунктунда белгиленген максаттарга багытталган болсо, анда төмөнкү жоболор сакталууга тийиш:

- Банктар БФКМдерге кредиттик ресурстар берилген күнү Банк менен БФКМ ортосунда түзүлгөн кредиттик келишимдин көчүрмөсүн кошо тиркөө менен бул тууралуу Улуттук банкка кат жүзүндө маалымдоого тийиш.
- БФКМдерге кредиттик ресурстарды берүү учурундагы Банктын маржасы 0,2% ашпоого тийиш.
- Банк менен БФКМ ортосундагы кредиттик келишимде төмөнкү пункттар камтылышы зарыл:
    - Банк тарабынан БФКМдерге сунушталуучу кредиттик ресурстар максаттуу багытка ээ болуп, БФКМдер ал ресурстарды Кыргызстандын резиденттеринен болуп саналышкан юридикалык жактар жана жеке адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашырылуучу, ушул Жобонун 14-пунктунда көрсөтүлгөн багыттар боюнча долбоорлорду кредиттөөгө жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамынын 2-беренесине ылайык пайдаланылууга тийиш;
    - Банк тарабынан БФКМдерге берилүүчү кредиттик ресурстарды пайдалануу боюнча ушул Жобонун 21-пунктунда көрсөтүлгөн чектөөлөр, БФКМдерге да таркатылат;
    - БФКМдин банктардан алынган кредиттик ресурстарды кредиттик союздарды, микрофинансылык компанияларды, микрокредиттик компанияларды, микрокредиттик агенттиктерди, башка БФКМдерди, анын ичинде ломбарддарды кошо алганда, банктык эмес финансы-кредит мекемелерин кайра каржылоо үчүн пайдаланууга укугу жок.
- Банктардан кредиттик ресурстарды алышкан БФКМдер кредиттик ресурстардын пайдаланылышы тууралуу отчетту ай сайын Улуттук банкка сунуштап турууга тийиш.

- Банктар Кредиттик келишимге карата Күрөө келишиминде көрсөтүлгөн күрөөлүк камсыздоону алмаштырууга укуктуу. Мында мамлекеттик баалуу кагаздар жана/же БФКМге–кредиттик ресурстарды алуучуга менчик укугунда таандык болгон, Улуттук банкта пайызсыз депозит эсебиндеги акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы күрөөлүк камсыздоо катары колдонулушу мүмкүн.
- Күрөөлүк камсыздоо алмаштырылган учурда жана Банк мамлекеттик баалуу кагаздарды жана/же БФКМге–кредиттик ресурстарды алуучуга менчик укугунда таандык болгон нак эмес чет өлкө валютасын күрөөлүк камсыздоо катары сунуштаган шартта, БФКМ өз мамлекеттик баалуу кагаздарын жана/же Улуттук банктагы пайызсыз депозиттик эсебинде турган акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасын алмаштырууга макулдугун Улуттук банкка берүүгө тийиш.

24. Контролдукту жүзөгө ашыруу максатында Улуттук банк зарыл болгон, анын ичинде Банктын жана/же БФКМдин финансылык абалына, кредит боюнча камсыздоонун абалына, кредиттин максаттуу пайдаланылышы боюнча тиешелүү маалыматтарды Банктан жана/же БФКМден талап кылып, алууга укуктуу. Банк жана/же БФКМ кредиттик каражаттардын пайдаланылгандыгы тууралуу отчетту жана башка зарыл документтерди Улуттук банк белгилеген формада жана мөөнөттөрдө анын талабы боюнча берүүгө тийиш.
25. Банк жана/же БФКМ тарабынан ушул Жобонун 21 жана 23-пункттарынын талабы бузууга жол берилген учурда Улуттук банк, Банктан кредиттик ресурстарды мөөнөтүнөн мурда кайтарууну, кредитти пайдаланган айкын убакыт ичинде чегерилген пайыздарды жана Улуттук банкка тиешелүү болгон башка суммаларды төлөп берүүнү талап кылууга, ошондой эле Банкты кредиттик аукциондорго катышуудан 6 айга чейинки мөөнөткө четтетүүгө укуктуу.

## 4. Аукционго билдирмелерди тариздетүү жана берүү тартиби

26. Улуттук банктын кредиттик аукциондоруна катышуу жана андан кредиттик каражаттарды алуу үчүн Банк төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:
   - банктык операцияларды улуттук жана чет өлкө валюталарында жүргүзүү укугуна Улуттук банктын лицензиясынын болушу;
   - Улуттук банк тарабынан сунушталган кредиттик ресурстардын күрөөлүк камсыздоосунан болгон мамлекеттик баалуу кагаздарды сактоо жана эсепке алуу үчүн Депозитарийде «депо» эсебинин болушу;

- Улуттук банкта улуттук валютада корреспонденттик эсебинин болушу;
- чет өлкө банк-корреспондентте чет өлкө валютасындагы корреспонденттик эсепке ээ болушу;
- Улуттук банк менен Кредиттик аукцион жөнүндө кол коюлган Башкы келишимдин болушу;
- билдирме берилген учурга карата Улуттук банк тарабынан белгиленген Банктын капиталынын шайкештиги жана бир карызгерге тобокелдиктин максималдуу өлчөмү боюнча экономикалык ченемдердин аткарылышы, ошондой эле акыркы 6 ай аралыгында системалуу бузууларга жол бербеши;
- ушул Жободо жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга жооп берген, талаптагыдай күрөөлүк камсыздоонун сунушталышы;
- банк ишин тескөөгө алуу боюнча убактылуу жетекчилик, консервация, санация, реабилитация, банкроттук жана башка негиздер боюнча өз эрки менен жана мажбурлап жоюу режимине кабылбашы. Консервация, банк ишин тескөөгө алуу боюнча убактылуу жетекчилик режиминде турган Банк, Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими болгон шартта гана кредиттик аукционго катыша алат;
- алынган кредиттер жана аларга кошуп эсептелинген пайыздар боюнча, ошондой эле кредиттик аукциондордун алкагында мурда алынган кредиттерге тиешелүү өздөштүрүлбөгөн кредиттик каражаттардын орун албашы, анын ичинде Улуттук банктын кайра каржылоого тиешелүү башка инструменттери боюнча Улуттук банк алдында мөөнөтүндө төлөнбөгөн акчалай милдеттенмелердин болбошу;
- ушул Жобонун 25-пунктуна ылайык кредиттик аукциондорго катышуу укугунан четтетилбеген болушу;
- Банктын атынан кредиттик ресурстарды алууга билдирмелерге кол коюуга ыйгарым укуктуу адамдардын кол тамга үлгүлөрү түшүрүлгөн Банктын жоопкерчиликтүү адамдарынын тизмесинин Улуттук банкка берилиши;
- Банктын эсептериндеги каражаттарды тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдардын кол тамгаларынын үлгүлөрү түшүрүлгөн, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн эки карточканын Улуттук банкка берилиши;
- банктык көчүрмөлөрдү, Банктын төлөм тапшырмаларын жана башка документтерди алууга жоопкерчиликтүү жакка Банктын атынан берилген ишеним каттын Улуттук банкка берилиши.

27. Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети, кайра каржылоого кредиттик ресурстарды берүү шарттарын, алардын көлөмүн жана мөөнөттөрүн мезгил-мезгили менен аныктап турат.

28. Улуттук банк аукцион өткөрүлгөнгө чейинки эки күндөн кечиктирбестен өз веб-сайтына төмөнкүлөрдү кошо алганда, кредиттик аукциондун параметрлерин жана аны өткөрүү шарттары жарыялап турат:
   - аукциондун түрүн;
   - аукцион өткөрүлүүчү күндү;
   - аукциондун кодун;
   - кредиттик ресурстардын көлөмүн;
   - төлөм мөөнөттөрүн (пайыздар жана негизги сумма боюнча);
   - аукциондогу минималдуу пайыздык ченин (Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен белгиленген);
   - күрөөлүк камсыздоого карата талаптарды;
   - аукцион тууралуу башка маалыматтарды (болгон болсо).

29. Улуттук банктын кредиттик аукционуна катышууга билдирме Банктар тарабынан Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимге карата 2-тиркемеде көрсөтүлгөн формага ылайык документ түрүндө Улуттук банкка берилет. Билдирме калың конвертке салынып, чапталган түрүндө берилиши зарыл. Банк аукционго бир гана билдирмени бере алат.

30. Банктын билдирмеси аукцион өткөрүлгөн күнү саат 12.00гө чейин Улуттук банкка берилүүгө тийиш. Билдирмени кабыл алуу убактысы өтүп кеткенден кийин Банктар билдирмелерди бере алышпайт/өзгөртө алышпайт. Берилген билдирмелер кайтарылып алынгыс болуп эсептелет.

31. Билдирменин ар бир бетине кредиттик ресурстарды алууга Банктын атынан билдирмеге кол коюуга ыйгарым укуктуу адамдын кол камгасы коюлуп, Банктын мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Билдирмеде милдеттүү түрдө ал берилген күн, Банктын аталышы, аукцион өткөрүлгөн күн, зарыл болуп жаткан кредиттик каражаттардын көлөмү, сунушталган пайыздык чен камтылуусу зарыл. Мында Банктын билдирмесинин көлөмү, аукционго коюлган кредиттик ресурстардын жалпы көлөмүнөн ашпоого тийиш.

32. Билдирмеде юридикалык жактардын аталышын/жеке адамдардын аты-жөнүн жана кредиттөө шарттарын кошо алганда, ар бир түпкү карыз алуучуну көрсөтүү менен акча каражаттарын жайгаштыруу багыттары тууралуу маалыматтарды (кредиттөө багыты, тармагы жана мөөнөтү, пайыздык чен, негизги сумманы жана пайыздарды төлөө аралыгы), күрөөлүк камсыздоо катары сунушталган күрөөнүн суммасын жана анын түрүн, Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимге

карата 2-тиркемедеги формага ылайык күрөө түрүн ырааттуу чагылдыруу менен көрсөтүү талап кылынат.

33. Документ түрүндөгү билдирме Улуттук банктын Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча жайгашкан имаратынын 1-кабатында жайгашкан «Кредиттик аукциондорго билдирмелер үчүн» деп жазылган ящикке салынууга тийиш. Банк билдирме берилгендиги фактысын, ал берилген күндү жана убактысын көрсөтүү менен билдирмелер катталган журналга чагылдырууга тийиш.

34. Банктардын пайыздык чендери Улуттук банк жарыялаган минималдуу пайыздык ченден жогору же ага барабар болгон билдирмелерине кредиттик аукционго катышууга жол берилет.

35. Банктын ушул жобонун 26-пунктунун талаптарына ылайык келбеши, кредиттин талап кылынган суммасын берүүдөн баш тартуу үчүн негиз боло алат. Улуттук банк, билдирмелери аукционго кирбей калган Банктарга тиешелүү себептерин көрсөтүү менен аукцион өткөрүлгөндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен кат жүзүндө маалымдоого тийиш.

36. Туура эмес толтурулган же тариздетилген, ошондой эле убактысынан кечиктирилип берилген билдирмелер анык эмес катары таанылып, аукционго киргизилбейт.

37. Улуттук банк билдирмеде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга тийиш.

## 5. Кредиттин күрөөлүк камсыздоосу

38. Кредиттик ресурстар Банктарга күрөөлүк камсыздоо болгон шартта гана сунушталат. Төмөнкүлөр кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик ресурстар боюнча Банктардын күрөөлүк камсыздоосунан боло алат:

1) Улуттук банктагы пайызсыз депозиттик эсепте турган акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары жана Улуттук банктын ноталары;

3) Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2011-жылдын 16-июнундагы №12/2 токтому менен бекитилген, кредит портфелин түзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдө каралган тартипте белгилүү бир мүнөздөмөлөргө ылайык келген кредиттер портфели боюнча талап кылуу укугу. Мында алар боюнча талап кылуу укугу күрөөгө коюлган, мурда берилген кредиттер, кредиттик каражаттарды алууга билдирме берилген учурда классификацияланбаган активдер категориясына чегерилүүгө тийиш (байкоого алынган активдерди эске албаганда) жана реструктуризацияланбаган болушу зарыл.

39. Кредиттин камсыздоосу катары сунушталган күрөө үчүнчү жакка күрөөгө же кайра күрөөгө коюулууга тийиш эмес. Ушул Жобонун 23-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте күрөөгө коюлган мүлктү эске албаганда, күрөөлүк камсыздоо катары сунушталган күрөөлүк мүлк Банкка менчик укугунда таандык болуу менен ага чектөөлөр жана/же башка милдеттенмелер (арест, мурдагы күрөө, описке жаңылыш киргизип коюу ж.б ) жүктөлүүгө тийиш эмес.

40. Күрөөгө коюлган мүлктүн бааланган (күрөөлүк) наркы күрөөнүн ар бир түрү боюнча, талап кылынган кредиттин суммасына жараша Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан белгиленген мааниден (пайыздык туюндурулушунда) төмөн болбоого тийиш.

41. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык каттоодон өткөртүлүүгө тийиш болгон күрөөлүк мүлк, ушул Жобонун 55, 56 жана 57-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде Банк тарабынан ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөртүлүшү зарыл.

42. Күрөөлүк камсыздоонун жетишсиздиги Банк тарабынан талап кылынган кредиттик ресурстардын суммасын берүүдөн баш тартууга негиз болуп саналат.

43. Кредиттик ресурстарды берүү макулдашуусуна ылайык Банк, өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарбай койгон, аткара албаган учурда, ошондой эле ошол макулдашууда жана Күрөө келишиминде каралган башка учурларда Улуттук банк, күрөөлүк мүлктөн соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзүү жана Күрөө келишиминде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарга жана талаптарга ылайык, күрөө предметин соттук эмес тартипте сатуу аркылуу күрөөлүк мүлктүн эсебинен өз талаптарын толук канааттандырып алууга укуктуу. Банк кредит портфели боюнча талап кылуу укугу менен камсыздалган кредиттик ресурстарды алуу макулдашуусуна ылайык өз милдеттенмелерин аткарбай койгон же талаптагыдай аткара албаган учурда, Улуттук банк күрөө кармоочунун күрөө келишими боюнча укуктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарда жана тартипте бирөөгө өткөрүп берүүсүнө жол берилет.

## 6. Кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби

44. Аукциондор Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан белгиленген мезгил аралыгында өткөрүлүп турат.

45. Улуттук банк кредиттик аукционду өткөрүп, анын жыйынтыгын чыгарат, мында:

- Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин төрагасынын чечими менен кредиттик ресурстардын көлөмү келип түшкөн билдирменин жалпы

көлөмүнө жараша кыскартылышы мүмкүн. Аукционго экиден аз катышуучу катышкан шартта, ал өткөрүлбөгөн катары таанылат;

- билдирмелер, эң жогорку пайыздык чендеги билдирмелерден тартып сунушталган кредиттик ресурстардын жалпы өлчөмү толук бөлүштүрүлгөнгө чейин кабыл алынат. Аукционго уруксат алган билдирмелер максималдуу чектен тартып, ошол аукционго коюлган кредиттик ресурстар толук бөлүштүрүлгөнгө чейин сунушталган пайыздык чендердин деңгээли боюнча ранжирленет (чектөө ченине чейин). Мында, чектөө чени боюнча бир нече билдирме келип түшкөн болсо, анда кредиттик ресурстарды ошол билдирмелер ортосунда бөлүштүрүү пропорционалдуу негизде ишке ашырылат.
- Улуттук банктын кредиттик аукционунда банктар тарабынан алынган кредиттик ресурстар билдирмелерде көрсөтүлгөн чендер боюнча сунушталат (Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечиминде белгиленген пайыздык ченден төмөн эмес).

46. Аукционго уруксат алган билдирмелерди Улуттук банкта иштеп чыгуу аукцион өткөрүлгөн күнү саат 13:00дөн 15:00гө чейин ишке ашырылат.

47. Аукциондун жыйынтыгы боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$P = \frac{\sum p_i * q_i}{\sum q_i}$$

мында P – аукциондун жыйынтыгы боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, pi – канааттандырылган лоттордун пайыздык чени, qi - канааттандырылган лоттордун көлөмү.

48. Өткөрүлгөн кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча протокол толтурулуп ал, Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин төрагасы тарабынан бекитилип, кол коюлат.

49. Аукциондун жыйынтыгы бекитилгенден кийин, аукцион өткөрүлгөн күнү саат 16.00дөн кечиктирбестен, Улуттук банк аукциондун жыйынтыгын катышуучуларга маалымдоого тийиш.

50. Аукциондорго код белгилөөнүн төмөнкүдөй түзүмү белгиленет.

** ** **

| | |____ кредиттик аукциондун өтүп жаткан жылдагы катар номери

| |_______ жылы

|__________ кайра каржылоо кредиттеринин аукционун идентификациялоо

Мисалы:
АК 12 22
| | |____ кредиттик аукциондун катар номери
| |_______ 2012-жыл
|__________ кайра каржылоо кредиттеринин аукционун идентификациялоо

51. Кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча расмий билдирмеде төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:
 - аукциондун коду;
 - аукцион өткөрүлгөн күн;
 - төлөмдөрдүн көлөмү жана мөөнөтү;
 - аукциондогу баштапкы пайыздык чен;
 - билдирмелердин жалпы көлөмү;
 - канааттандырылган билдирмелердин минималдуу жана максималдуу пайыздык чендери;
 - орточо салмактанып алынган пайыздык чен;
 - билдирмелердин саны;
 - жана башка маалыматтар.
52. Улуттук банк кредиттик аукциондун расмий жыйынтыгын аукцион өткөрүлгөн күнү саат 17:00гө чейин веб-сайтында жарыялайт.

## 7. Кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү

53. Канааттандырылган билдирмелер боюнча улуттук валютадагы акча каражаттарынын суммасын Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерине өз учурунда жана толук чегерүү, өткөрүлгөн кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын милдеттенмелеринин талаптагыдай аткарылышы болуп саналат.
54. Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине акча каражаттарын чегерүү, өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгына ылайык Улуттук банк менен Банк ортосундагы тиешелүү кредиттик келишим (Башкы келишимге карата №4-тиркеме) жана Күрөө келишими (Башкы келишимге карата №5-тиркеме) тариздетилип, аларга кол коюлуп, күрөө келишими ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлгөндөн кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.
55. Эгерде мамлекеттик баалуу кагаздар күрөөлүк камсыздоодон болсо, Улуттук банк менен Банк ортосундагы тиешелүү Кредиттик келишимди жана Күрөө келишимин тариздетип, аларга кол коюу, күрөө келишимин каттоодон өткөртүү кредиттик аукцион өткөрүлгөн күндөн кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

56. Эгерде Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы күрөөлүк камсыздоодон болсо, Улуттук банк менен Банк ортосундагы тиешелүү Кредиттик келишимди жана Күрөө келишимин тариздөө жана аларга кол коюу кредиттик аукцион өткөрүлгөндөн кийинки 3 жумуш күнү ичинде, ал эми ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүү 1 жумуш күнү ичинде ишке ашырылат.

57. Эгерде Банктын кредит портфели боюнча талап кылуу укугу күрөөлүк камсыздоодон болсо, Улуттук банк менен Банк ортосунда тиешелүү кредиттик келишимди, Күрөө келишимин тариздетүү жана кол коюу кредиттик аукцион өткөрүлгөндөн кийинки 10 жумуш күнү ичинде, ал эми ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүү 5 жумуш күнү ичинде ишке ашырылат.

58. Кредиттин суммасына пайыздарды кошуп эсептөө, жыл ичинде 365 күн жана ай ичинде күндөрдүн айкын санына жараша, кредитти анык пайдаланган мезгил үчүн төмөнкү формулада ишке ашырылат:

P = (C x I x T)/365/100, мында:

- P – чегерилген пайыздар;
- C – кредиттин суммасы (сом);
- I – чен (жылдык %);
- T – берилген кредиттин мөөнөтү (күндөр менен).

## 8. Катышуучулардын жоопкерчилиги жана санкциялар

59. Кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк тарабынан жеңүүчү катары таанылган Банк кредиттик ресурстарды алуудан баш тартса же Башкы келишимдин жана ушул Жобонун талаптарына ылайык Кредиттик келишимди, Күрөө келишимин өз учурунда алып келбесе, Банктын билдирмеси жокко чыгарылып, ага карата Башкы келишимде каралган айыптык санкциялар колдонулат.

60. Күрөөлүк камсыздоонун болушу жана өз убагында берилиши, Кредиттик келишимдин жана Күрөө келишиминин тариздетилиши жана берилиши, алардын ушул Жобонун 55, 56 жана 57-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттө каттоодон өткөртүлүшү үчүн Банк жоопкерчиликтүү болуп саналат.

61. Банк, кредит берилген күндөн кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде Улуттук банктан алынган акча каражаттарын, кредиттик аукциондорго катышуу үчүн берилген билдирмеде буга чейин көрсөтүлгөн карыз алуучулары арасында жайгаштырууга милдеттүү. Эгерде, кредиттик ресурстар же алардын бөлүгү ушул пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө толук пайдаланылбай калса же жарым-жартылай пайдаланылса, Улуттук банк көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөндөн кийинки жумуш күнү кредиттик ре-

сурстардын өздөштүрүлбөй калган бөлүгүн мөөнөтүнөн мурда кайтарып берүүнү талап кылышы мүмкүн. Эгерде, Банк акча каражаттарынын суммасын Улуттук банкка толук эмес жана/же учурунан кечиктирип чегерген болсо, Банкка карата Башкы келишимде жана кредиттик макулдашууда каралган айыптык санкциялар колдонулат.

62. Банк кредиттин негизги суммасынын жана ал боюнча чегерилген пайыздардын өз убагында жана толугу менен төлөнүшү, анын ичинде кредиттик ресурстар ушул Жобонун 22-пунктунда белгиленген максаттарга багытталган учурларда да, ал үчүн жоопкерчилик тартат.

63. Банк кредиттик аукциондо алган ресурстар боюнча карызын жана кредит боюнча пайыздарды белгиленген мөөнөттөрдө төлөбөгөн шартта Улуттук банк кошумча маалымдоосуз эле, Банктын корреспонденттик эсебинен тиешелүү каражаттарды акцептсиз тартипте эсептен алып салуу аркылуу өндүрүп алат.

64. Эгерде кредиттин негизги суммасынын, ага кошуп эсептелинген пайыздардын ордун жабууга багытталган кандай болбосун төлөм, ошондой эле Башкы келишимден, Кредиттик келишимден улам келип чыккан башка төлөмдөр толук көлөмдө жана/же тиешелүү мөөнөт ичинде төлөнбөй калса, мындай карыз мөөнөтүндө төлөнбөгөн катары эсептелинип, Банкка карата Башкы келишимде каралган айыптык санкциялар колдонулат.

## 9. Кредитти пролонгациялоо тартиби

65. Банк тарабынан ушул Жобонун талаптары аткарылып жана кредиттик ресурстар боюнча пайыздардын өз учурунда жана толук төлөнүшү шартында, Банктын өтүнүч катынын негизинде Улуттук банк кредиттик ресурстарды 6 айдан ашпаган мөөнөткө пролонгациялоого укуктуу.

66. Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо максаттары үчүн 6 айлык мөөнөткө берилген кредиттик ресурстар гана пролонгацияланууга тийиш.

67. Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо максаттары үчүн берилген кредиттик ресурстар алгачкы кредиттик келишимде көрсөтүлгөн же акыркы өткөрүлгөн кредиттик аукциондо белгиленген пайыздык чендердин максималдуу өлчөмүнө барабар пайыздык чен боюнча бир гана жолу пролонгацияланышы мүмкүн.

68. Кредиттик ресурстарды пролонгациялоо үчүн Банк, жаңы Кредиттик келишим жана Күрөө келишимин түзүү үчүн кредит мөөнөтү бүткөнгө чейинки кеминде 1 ай мурда кредитти пролонгациялоо тууралуу өтүнүч катты Улуттук банкка жөнөтүүгө тийиш.

## 10. Кредитти төлөө тартиби

69. Кредиттин негизги суммасынын ордун жабуу кредиттин мөөнөтү бүткөн күнү, операциялык күндүн акырына чейин, өз корреспонденттик эсебинен улуттук валютадагы акча каражаттарынын суммасын Улуттук банктагы тиешелүү эсепке которуу аркылуу ишке ашырылат. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды кошуп эсептөө жана төлөө Банк тарабынан кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүзөгө ашырылып турат.

70. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө күнү майрам күнүнө, иштебеген күнгө же дем алыш күнгө туура келип калса, анда кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

71. Кредитти төлөө күнү кредиттин негизги суммасы жана/же ага кошуп эсептелинген пайыздар толук көлөмдө төлөнүүгө тийиш, бөлүп төлөөгө жол берилбейт.

72. Банк, Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган карыздын негизги суммасын жана ал боюнча пайыздарды пландаштырылып жаткан төлөө күнүнө чейинки үч жумуш күнү аралыгында Улуттук банкка ал тууралуу алдын ала маалымдоо менен мөөнөтүнөн мурда бөлүп төлөөгө же толугу менен төлөөгө укуктуу.

73. Кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча Банк өз милдеттенмелерин өз убагында жана толук аткарган шартта, Улуттук банк күрөөнүн түрүнө жараша 10 жумуш күнү ичинде күрөөнү бошотуп берет.

74. Эгерде кредит мөөнөтүндө төлөнбөсө, төлөмдү кийинкиге калтырууга жол берилбейт. Банктын кредит боюнча жоопкерчилиги Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралат.

75. Эгерде ушул жобого ылайык Банкка берилген кредит мөөнөтүндө төлөнбөсө Улуттук банк:

- кредитти төлөөнүн эсебине кредиттин негизги суммасына, чегерилген пайыздарга жана айыптык санкцияларга барабар өлчөмдөгү улуттук валютадагы акча каражаттарын Банктын корреспонденттик эсебинен акцептсиз тартипте эсептеп алып салат;
- кредиттин, ага кошуп эсептелинген пайыздардын, туумдардын жана айыптык төлөмдүн ордун, ушул Жобого, Кредиттик аукциондор жөнүндө Башкы келишимге жана Күрөө келишимине ылайык күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүүнүн эсебинен жаба алат.

## 11. Корутунду жобо

76. Ушул Жобого карата кредиттик аукциондорду өткөрүүнү өркүндөтүүгө багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор Улуттук банк Башкармасынын чечими менен киргизилет.

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын ”___”________ №___ токтому
менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын кайра каржылоо жана
ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик
аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобого
карата 1-тиркеме

## КРЕДИТТИК АУКЦИОН ЖӨНҮНДӨ БАШКЫ КЕЛИШИМ

Бишкек шаары 20__-жылдын ___________№ _____

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20___-жылдын “____”________ №____ буйруктун негизинде иш алып барган ___________________________ бир тараптан жана мындан ары «Банк» деп аталуучу _____________________ атынан, Уставдын негизинде иш алып барган _________________________ экинчи тараптан, мындан ары «Тараптар» деп аталуучулар, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобого (мындан ары – Жобо) таянуу менен, төмөнкүлөр боюнча Кредиттик аукцион жөнүндө ушул Башкы келишимди (мындан ары - Башкы келишим) түзүштү:

### 1.КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Банкка кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредиттерди берүү жана андан улам келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуу шарттарын жана тартибин аныктоо, ушул Башкы келишимдин предметинен болуп саналат.

### 2.КРЕДИТ БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ

2.1. Кредит алуу тартиби жана аны пайдалануу шарттары ушул Жобо жана Башкы келишим аркылуу жөнгө салынат.

2.2. Башкы келишимге ылайык кайра каржылоого кредит алуу үчүн Банк, Жобого жана Башкы келишимге карата 2-тиркемеге ылайык, Улуттук банкка билдирме берүүгө тийиш.

2.3. Банктын кредит алууга билдирмеси жана тиешелүү күрөөлүк камсыздоону сунуштоого макулдугу Банктын тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарынын чечими менен тастыкталууга тийиш.

2.4. Банк кредит алуу үчүн Жобонун 26-пунктунун талаптарына жооп берүүгө жана ошол адамдардын аты-жөнү кол тамга үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлбөсө, кредит алууда Банктын атынан документтерге кол коюуга ыйгарым укуктуу жоопкерчиликтүү адамдардын (ушул Башкы келишимге карата 1-тиркеме) тизмесин берүүгө, ошондой эле камсыздоо катары сунуштоо үчүн жетиштүү сандагы күрөөлүк камсыздоосунун болушу зарыл.

2.5. Банкка кредит кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатына, кредиттик келишимде көрсөтүлгөн төлөө мөөнөттөрү менен улуттук валютада берилет.

2.6. Банк Улуттук банктан алынган кредиттик ресурстарды мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун кошо алганда, банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана баалуу кагаздар рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле өз инсайдерлери же аффилирленген жактары менен операцияларды ишке ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок. Банк Улуттук банктан алынган кредиттик ресурстарды Жобонун 14, 18 жана 22-пункттарында көрсөтүлгөн максаттарга гана пайдаланууга тийиш.

2.7. Улуттук банктын кредиттик ресурстарынын эсебинен коммерциялык банктарга берилген кредиттер боюнча номиналдык жылдык пайыздык чен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн субсидиялоо боюнча атайын программаларынын алкагында белгиленген пайыздык чендерден ашпоого тийиш. Мында, коммерциялык банк Улуттук банктын каражаттарынын эсебинен кредит берүүдө, карыз алуучулардын алар менен түзүлгөн келишимдерде көрсөтүлүүгө тийиш болгон кредиттик милдеттенмелерди аткарбай койгондугу үчүн айыптык төлөмдөрдү эске албаганда, жогоруда белгиленген нарктык түрүндө туюндурулган номиналдык пайыздык чендердин ашып кетишине тике жана/же кыйыр түрдө таасир этиши мүмкүн болгон комиссиялык төлөмдөрдү, жыйымдарды же башка кошумча төлөмдөрдү өз карыз алуучуларына чегерүүгө/алардан кармап калууга укугу жок. Пайыздык чендердин туура эсептелиниши жана колдонулушу үчүн жоопкерчилик, кредиттик каражаттарды берүү келишиминеге ылайык, коммерциялык банкка жүктөлүүгө тийиш.

2.8. Банк, кредиттик аукциондо алынган кредиттик ресурстарды Жобонун 23-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык, микрофинансылык компаниялар жана микрокредиттик компаниялар сыяктуу банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерди андан-ары кредиттөө үчүн пайдаланууга укуктуу.

2.9. Эгерде, кредиттик ресурстар ушул Башкы келишимдин 2.8-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарга багыттала турган болсо, Банктар кредиттик

ресурстарды берүү күнү ал тууралуу кат жүзүндө Улуттук банкка маалымдап, Банк менен БФКМ ортосунда түзүлгөн кредиттик келишимдин көчүрмөсүн ага сунуштоого тийиш.

2.10. БФКМдерге кредиттик ресурстарды берүү учурундагы Банктын маржасы 0,2% ашпоого тийиш.

2.11. Контролдукка алуу максатында Улуттук банк, кандай болбосун зарыл маалыматтарды, анын ичинде кредиттин максатка ылайык пайдаланылышына тиешелүү маалыматтарды Банктан талап кылууга жана алууга укуктуу. Банк кредиттик каражаттардын пайдаланылышы тууралуу отчетту жана башка зарыл документтерди Улуттук банк тарабынан белгилеген формада жана мөөнөттө анын талабы боюнча берүүгө тийиш.

2.12. Кредит, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча, күрөөлүк камсыздоо алдында, катталган пайыздык чен боюнча берилет. Мында, коммерциялык банктар өз кардарларына кредиттерди катталган пайыздык чен боюнча бериши зарыл.

2.13. Кредиттик аукциондун жыйынтыктары Башкы келишимге карата 3-тиркемеге ылайык Банкка маалымдалат.

2.14. Кредит Банкка тиешелүү Кредиттик келишимди тариздөө менен берилет, анда кредит берүүнүн төмөнкүдөй айкын шарттары чагылдырылат: кредиттин өлчөмү (суммасы), мөөнөтү, пайыздык чени, кредиттин негизги суммасы жана ал боюнча пайыздарды төлөө шарттары ж.б. Көрсөтүлгөн Кредиттик келишимде ушул Башкы келишимге карата шилтеме камтылууга тийиш. Аукционго катышуучунун ыйгарым укуктуу адамынын колу коюлган Кредиттик келишим Жобонун 55, 56 жана 57-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө Улуттук банкка берилүүгө тийиш.

2.15. Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине акча каражаттарын чегерүү, өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгына ылайык Улуттук банк менен Банк ортосунда тиешелүү Кредиттик келишимге жана Күрөө келишимине кол коюлуп, тариздетилгенден жана Күрөө келишими ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлгөндөн кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

2.16. Тараптар Жобонун жана ушул Башкы келишимдин бардык талаптарынын аткарылышына кепилдик беришет.

## 3. КРЕДИТТИН КАМСЫЗДООСУ

3.1. Кредиттик ресурстардын түрүнө жараша, ушул Жобонун 20 же 38-пункттарында көрсөтүлгөн күрөөлүк камсыздоо Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча кредиттин негизги суммасын, ага кошуп

эсептелинген пайыздарды кайтарып берүү, туумдарды жана айыптык санкцияларды төлөө боюнча Банктын өзүнө алган милдеттенмелерин аткаруусунун камсыздоосунан болуп саналат. Ушул Макулдашуу жана Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелердин камсыздоосунан болуп саналган күрөөлүк камсыздоолордун айкын тизмеги, Банк менен Улуттук банктын ортосунда түзүлгөн Күрөө келишиминде көрсөтүлөт.

3.2. Банк, Жобонун 55, 56 жана 57-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө күрөөлүк камсыздоону каттоодон өткөртүүгө милдеттенет.

3.3. Банк Тараптардын өз ара макулдугу боюнча Кредиттик келишимге карата Күрөө келишиминде көрсөтүлгөн күрөөлүк камсыздоону ошондой эле баадагы күрөө менен алмаштырууга укуктуу.

3.4. Мамлекеттик баалуу кагаздар жана/же БФКМге–кредиттик ресурстарды алуучуга менчик укугунда таандык болгон, Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы да Банк тарабынан БФКМге берилүүчү кредиттердин камсыздоосунан боло алат.

3.5. Күрөөлүк камсыздоо алмаштырылып, мамлекеттик баалуу кагаздар жана/же БФКМге-кредиттик ресурстарды алуучуга менчик укугунда таандык болгон нак эмес чет өлкө валютасы Банк тарабынан күрөөлүк камсыздоо катары сунушталган учурда Банк, мамлекеттик баалуу кагаздарын жана/же Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап кылуу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасын кайра күрөөгө коюу укугуна БФКМдин макулдугун Улуттук банкка сунуштоого тийиш.

## 4. КРЕДИТТИ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ

4.1. Кредиттин негизги суммасынын ордун жабуу кредиттин мөөнөтү бүткөн күнү, операциялык күндүн акырына чейин, өз корреспонденттик эсебинен улуттук валютадагы акча каражаттарынын суммасын Улуттук банктагы тиешелүү эсепке которуу аркылуу ишке ашырылат. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды кошуп эсептөө жана төлөө Банк тарабынан кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүзөгө ашырылып турат.

4.2. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө күнү майрам күнүнө, иштебеген күнгө же дем алыш күнгө туура келип калса, анда кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

4.3. Кредитти төлөө күнү кредиттин негизги суммасы жана/же ага кошуп эсептелинген пайыздар толук көлөмдө төлөнүүгө тийиш, ал эми Кредитти бөлүп төлөөгө жол берилбейт.

4.4. Банк, Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган карыздын негизги суммасын жана ал боюнча пайыздарды пландаштырылып жаткан төлөө күнүнө чейинки үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен, Улуттук банкка ал тууралуу алдын ала билдирүү менен мөөнөтүнөн мурда бөлүп төлөөгө же толук жабууга укуктуу.

4.5. Кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча Банк өз милдеттенмелерин өз убагында жана толук аткарган шартта, Улуттук банк күрөөлүк камсыздоону күрөөнүн түрүнө жараша 10 жумуш күнү ичинде бошотуп берет.

4.6. Банк тарабынан кредиттин негизги суммасы жана ага кошуп эсептелинген пайыздар боюнча тиешелүү милдеттенмелер Кредиттик келишимде белгиленген мөөнөттө аткарылбай калган шартта, Банк милдеттенмелер аткарылбай калган учурдан тартып, өзүнүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинен кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздардын, туумдардын жана айыптык төлөмдөрдүн ордун жабуу үчүн жетиштүү суммадагы каражаттарды акцептсиз тартипте эсептен алып салууга Улуттук банкка укук берет. Бул учурда Улуттук банк, Банктын корреспонденттик эсебинен алынып салынган сумманын чегинде күрөө предметин бошотуп берет.

4.7. Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебиндеги улуттук валютадагы каражаттар кредиттин негизги суммасынын жана/же ага кошуп эсептелинген пайыздардын, туумдардын жана айыптык төлөмдөрдүн ордун жабуу боюнча милдеттенмени аткаруу үчүн жетишсиз болуп калган шартта, Банк кредиттин камсыздоосу катары сунушталган күрөө предметинен соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзүү жолу менен, кредит боюнча Банктын аткарылбай калган милдеттенмелеринин ордун жабууга Улуттук банкка токтоосуз түрдө макулдугун берет. Бул учурда Улуттук банк, кредит боюнча милдеттенмелер белгиленген мөөнөттө аткарылбай калгандыгын жана күрөө предметинен соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзгөндүгү жолжобосу жөнүндө Банкка кат жүзүндө маалымдайт.

4.8. Банктын кредит боюнча аткарылбаган милдеттенмелеринин ордун жабуунун эсебине ага карата менчик укугу Улуттук банкка өткөн күрөө, Улуттук банктын балансына Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты жана Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Эсепке алуу саясатына ылайык адилет нарк боюнча кабыл алынат.

4.9. Өндүрүлүп алынган күрөө эсебинен Банктын кредиттин негизги суммасы боюнча Улуттук банк алдындагы карызынын, ага кошуп эсептелинген пайыздардын, туумдардын жана айыптык төлөмдөрдүн орду жабылууга тийиш.

4.10. Улуттук банктын Банкка карата утурлама талаптарын чегеришүү аркылуу алынган сумма жетишсиз болуп калган шартта, Улуттук банк Банктын кандай болбосун башка мүлкүнөн жана талап коюу укугунан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жетпеген сумманы алууга укуктуу.

4.11. Улуттук банктын бардык талаптарын канааттандыруудан кийинки калган сумма Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине чегерилет.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

5.1. Банк Жобого, Башкы келишимге жана Кредиттик келишимге ылайык, кредит боюнча өз милдеттенмелери үчүн толук жоопкерчилик тартат.

5.2. Улуттук банк тарабынан жеңүүчү катары таанылган Банк кредиттик каражаттарды алуудан баш тарткан шартта, ал кийинки кредиттик аукциондорго катышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт жана канааттандырылган билдирмеден бир пайыз өлчөмүндө айыптык төлөмдү аукцион боюнча эсептешүү жүргүзүлгөн күндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен төлөөгө тийиш.

5.3. Банк күрөөлүк камсыздоонун болушу жана өз убагында сунушталышы, ошондой эле күрөө келишиминин ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү.

5.4. Банк, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк менен кредиттик келишимге, Күрөө келишимине өз убагында кол коюлушу үчүн жоопкерчиликтүү. Эгерде Банк, кол коюлган жана талаптагыдай тариздетилген Кредиттик келишимди, Күрөө келишимин жана кредит алууга Банктын тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарынын чечимин белгиленген мөөнөттөрдө сунуштабаса, Банктын билдирмеси жокко чыгарылат. Бул учурда Банк аукцион боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлгөн күндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен, канааттандырылган билдирмеден бир пайыз (1%) өлчөмүндө бир жолку айыптык төлөм төлөп берет жана ага карата кийинки аукциондорго катышуу боюнча чектөөлөр белгиленет.

5.5. Банк, кредит берилген күндөн кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде Улуттук банктан алынган акча каражаттарын, кредиттик аукциондорго катышуу үчүн берилген билдирмеде буга чейин көрсөтүлгөн өз карыз алуучулары арасында жайгаштырууга милдеттүү. Эгерде, кредиттик ресурстар ушул пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө толугу менен же алардын бөлүгү пайдаланылбай калса, Улуттук банк көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөндөн кийинки жумуш күнү кредиттик ресурстардын өздөштүрүлбөй калган бөлүгүн мөөнөтүнөн мурда кайтарып берүүнү

талап кылышы мүмкүн. Эгерде, Банк акча каражаттарынын суммасын толук эмес жана/же учурунан кечиктирип Улуттук банкка чегерген болсо, Банк кредиттик ресурстардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнөн ар бир кечиктирген күн үчүн 0,1 пайыз өлчөмөндө туум түрүндө айыптык төлөмдү Улуттук банкка төлөйт.

5.6. Эгерде, Башкы келишимден жана Кредиттик келишимден улам кредиттин негизги суммасынын жана/же ага чегерилген пайыздардын ордун жабууга багытталган кандай болбосун төлөм толук эмес төлөнүп жана белгиленген мөөнөттө ишке ашырылбаса, мындай карыз мөөнөтүндө төлөнбөгөн катары каралып, ага мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын суммасынан 0,1% өлчөмүндө туум чегерилет. Туум мөөнөтүндө төлөнбөгөн ар бир күн үчүн, төлөнбөгөн карыз келип чыккан күндөн тартып орду жабылбаган сумманын бөлүгү толугу менен төлөнгөнгө чейин чегерилип турат.

5.7. Улуттук банк Жобого жана Башкы келишимге ылайык кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерине канааттандырылган билдирмелер боюнча акча каражаттарынын суммасын өз убагында жана толугу менен чегерилишине, ошондой эле Банк кредит жана ал боюнча чегерилген пайыздар жагында өз милдеттенмелерин учурунда жана толугу менен аткарган шартта, күрөөлүк камсыздоонун өз учурунда бошотулуп берилиши үчүн жоопкерчиликтүү. Эгерде, Банктын корреспонденттик эсебине улуттук валютадагы кредиттик каражаттар өз учурунда жана/же толугу менен чегерилбесе, Улуттук банк Банкка мөөнөтүндө төлөнбөгөн милдеттенменин суммасынан 0,1% өлчөмүндө туум төлөп берүүгө тийиш.

5.8. Улуттук банк, Жобонун, Башкы келишимдин жана Кредиттик келишимдин шарттарын бузууга жол берилишинен улам, Банктын чыгым тартышы үчүн жоопкерчиликтүү эмес.

5.9. Тараптар, Жобого жана Башкы келишимге ылайык, кредит алуу жана анын ордун жабуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө байланыштуу алардын кызматкерлеринин иш-аракеттеринин тактыгы, өз убагында аткарылгандыгы жана купуялуулуктун сакталышы үчүн толук жоопкерчиликтүү.

## 6. ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАР

6.1. Ар кандай жаратылышы кырсыктарын, мамлекеттик органдардын аракеттерин жана чечимдерин, согуш аракеттерин жана массалык баш аламандыкты кошо алганда, Башкы келишимде тараптар болгондор контролдугуна ала албаган жана алардын ушул Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна

тоскоолдук кылган кырдаалдардын тике же кыйыр түрдө таасир этишинен улам форс-мажордук жагдайлар келип чыккан шартта милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү, ошол күтүүсүз жагдайлар орун алып турган убакытка шайкеш, бирок ушул Башкы келишимдин жана Кредиттик келишимдин же көрсөтүлгөн форс-мажордук жагдайлар келип чыккандан кийин аткарылуучу бөлүгүн аткаруу мөөнөтүнө олуттуу таасир тийгизген өлчөмдө гана кийинкиге жылдырылат.

6.2. Жободо белгиленген талаптар Банк тарабынан аткарылган шартта жана кредиттик ресурстар боюнча пайыздардын орду өз учурунда жабылган учурда, Банктын өтүнүч катынын негизинде Улуттук банк Банкка кредиттик ресурстарды 6 айдан ашпаган мөөнөткө алгачкы кредиттик келишимде көрсөтүлгөн же акыркы өткөрүлгөн кредиттик аукциондо белгиленген пайыздык чендердин максималдуусуна барабар пайыздык чен боюнча бир жолу пролонгациялоого укуктуу.

6.3. Улуттук банк тарабынан 6 айга кайра каржылоо максаттарында берилген кредиттик ресурстар гана пролонгацияланат.

6.4. Кредиттик ресурстарды пролонгациялоо үчүн Банк, жаңы Кредиттик келишим жана Күрөө келишимин түзүү үчүн кредиттин мөөнөтү келип жеткенге чейин кеминде 1 ай мурда кредитти пролонгациялоо жөнүндө өтүнүч катын Улуттук банкка жөнөтүүгө тийиш.

6.5. Ушул Башкы келишимдин эки Тарабы тең тез арада, Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча өз милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылган форс-мажордук жагдайлардын орун алып жатышы жөнүндө бири-бирине оозеки жана кат жүзүндө 2 (эки) жумуш күнү ичинде маалымдоосу зарыл.

6.6. Тараптардын бири форс-мажордук жагдайлардан улам, ушул Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмесин аткара албай калса, бирок ал ошол жагдайлардын кесепеттерин четтетүү үчүн бардык зарыл чараларды өз учурунда көргөн болсо, Башкы келишимдин жана Кредиттик келишимдин шарттарын бузууга жол бергендик катары каралбайт.

## 7. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ

7.1. Ушул Башкы келишимди аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер жана пикир келишпестиктер, өз ара алгылыктуу чечимди кабыл алуу максатында, тараптардын сүйлөшүүлөрү аркылуу жөнгө салынууга тийиш.

7.2. Чечилбеген талаш маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте чечилет.

## 8. БАШКА ШАРТТАР

8.1. Башкы келишимдин шарттары Тараптардын макулдугу боюнча толукталышы жана өзгөртүлүшү мүмкүн.

8.2. Башкы келишимге карата бардык толуктоолор жана өзгөртүүлөр кат жүзүндө даярдалып, Тараптар ага кол койгон шартта анык болуп саналат.

8.3. Башкы келишим бирдей бири юридикалык күчкө ээ 3 нускада орус тилинде түзүлгөн. Алардын экөөсү Улуттук банкта калат, бир нускасы өтүнүч менен кайрылган Банкка берилет.

8.4. Башкы келишимге карата 1, 2, 3, 4 жана 5-тиркемелер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 9. КЕЛИШИМДИН АРАКЕТТЕНҮҮ МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ ТОКТОТУУ ТАРТИБИ

9.1. Башкы келишим, ага эки тарап тең кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана бир жыл аралыгында колдонулат. Башкы келишимдин токтотулушу Банктын алынган кредиттерди кайтарып берүү жана Башкы келишимде каралган күрөө шарттарынын сакталышын, ошондой эле Башкы келишимде жана Жободо каралган тартипте күрөөнү бошотуп берүү боюнча Улуттук банктын милдеттенмесин токтотпойт.

9.2. Башкы келишим, анын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки бир календардык ай мурда Тараптардын бири аны токтотуу ниетин билдирүү менен кат жүзүндө кайрылбаса, ар бир кийинки календардык жылга узартылган катары эсептелинет.

9.3. Улуттук банк төмөнкү учурларда Банкка алдын ала билдирүүсүз эле, Башкы келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу:

- Банк Жобонун жана Башкы келишимдин шарттарын бузууга жол берген болсо;
- Улуттук банк тарабынан берилген банктык операцияны жүргүзүү укугуна лицензия кайтарылып алынса;
- Юридикалык жак катары Банктын иши, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык токтотулса;
- Банк банкрот деп жарыяланса.

## 10. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА РЕКВИЗИТТЕРИ

**Улуттук банк:**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101.

Кызматы__________________

(кол тамгасы)______________М.О.

**Банк:**

«Коммерциялык банк» ААКсы/ЖАК

Бишкек шаары, ________ көчөсү.

Улуттук банктагы корэсеби №1010126_______

Улуттук банктын БИК №_____

ИНН №_____________

ОКПО №___________

Мамлекеттик салык инспекциясынын коду: _____

Кызматы______________

(кол тамгасы)____________М.О.

20__-жылдын «___»______№___
Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№1-тиркеме

Кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча кредит алууга Банктын өтүнүчүнө кол коюу жана Улуттук банктан кредит алуу үчүн күрөөлүк камсыздоону берүү укугуна ээ
БАНКТЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ АДАМДАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

20____-жылдын «___» ____________ Бишкек шаары

Ушул аркылуу __________________________________________________,
*(банктын аталышы)*

_____________________________________________________ атынан
*(аты-жөнү, кызматы)*

_________________________негизинде иш алып барган ______________
_____________________________ төмөнкү адамдарга кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча кредит алууга Банктын өтүнүчүнө кол коюга укук чегерет.

1. Банктын жоопкерчиликтүү адамынын аты-жөнү ___________________ _____________
2. Банктын жоопкерчиликтүү адамынын электрондук почтасынын дареги__________
3. Банктын жоопкерчиликтүү адамынын жумуштагы телефон номери_________________

Кандайдыр бир өзгөрүүлөр кирген шартта Банк тез арада, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Банктын кредит алууга өтүнүчүнө кол коюуга укуктуу жоопкерчиликтүү адамдарынын жаңыртылган тизмесин Улуттук банкка сунуштайт.

Банктын кредит алуу билдирмесине кол коюу укугуна ээ банктын жоопкерчиликтүү адамдарынын жаңыртылган тизмеси, кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча кредит алууга Банктын билдирмесине кол коюуга укуктуу жоопкерчиликтүү адамдары алмашкан учурда да жаңыртылган тизме сунушталат.

Кызматы

Аты-жөнү__________________ Кол тамгасы__________М.О.___________

20___-жылдын «____»_______№______
Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата №2-тиркеме

КРЕДИТТИК АУКЦИОНГО КАТЫШУУ ҮЧҮН
20___-жылдын «____»_______ №______ БИЛДИРМЕ

Карызгер_____________________________________________________
(Банк-карызгердин аталышы)

1. Ушул аркылуу Банк ___________ сом суммасындагы (суммасы сан менен жана жазуу түрүндө) кредит алуу үчүн кредиттик аукционго катышууга билдирме жөнөтөт.
2. Мында, кредиттик каражаттар боюнча төмөнкү ченди сунуш кылабыз:

Кредит боюнча чен жылдык ________ %.

3. Алынган кредиттин суммасы Банк тарабынан төмөнкү максаттарда жумшалат:

| | Кредиттин суммасы | Кредиттин мөөнөтү | Максаттуу багытталышы (тармактар боюнча) |
|---|---|---|---|
| 1 | Өздүк билдирме | | |
| | | | |
| 2 | БФКМ билдирмеси | | |
| | | | |
| Бардыгы: | | | |

4. Кредиттин камсыздоосу катары ____________ сом суммасындагы (суммасы сан менен жана жазуу жүзүндө) мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндө күрөө сунушталат, анын ичинде:

| **п/ п№** | **Каттоо номери** | **Чыгарылган күнү** | **Төлөө күнү** | **Саны** | **МБКнын номиналы, сом менен** | **Номиналдык наркы, сом менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Чет өлкө валютасы:

| Валюта түрү | Суммасы |
|---|---|
| | |
| | |

Кредит портфели:
Кредит портфелинин жалпы номиналдык наркы ___________________
Күрөөгө сунушталган кредиттердин саны ________________________

5. Жободо жана Кредиттик келишимде каралган тартипте милдеттенмелерин аткарбаган шартта Банк, кредит боюнча карыздын суммасынын корреспонденттик эсептен акцептсиз тартипте эсептеп алынып салынышына макулдук берет. Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде каражаттар жетишсиз болсо, Банк Жобого жана Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимге ылайык, ушул билдирменин 4-пунктунда чагылдырылган күрөө предметинен соттук эмес тартипте тез арада өндүрүүнү жүргүзүүгө Улуттук банкка укук берет.

(Банк-карызгердин аталышы)

Кызматы

Аты-жөнү____________Кол тамгасы__________ М.О.__________

20___-жылдын «___»______№____
Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№3-тиркеме

**БИЛДИРМЕ**

Ушул аркылуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 20____-жылдын «___»_____ болуп өткөн кредиттик аукциондун жыйынтыгы боюнча Сиздин билдирмеңиз төмөнкү көлөмдө канааттандырылгандыгын маалымдайт:

| Аукциондун коду | Банктын билдирмеси | | Берүү күнү | Төлөө күнү |
|---|---|---|---|---|
| | Суммасы (сом) | % чен | | |
| | | | | |

_______________ ______________ _____________
Кызматы (кол тамгасы) (Аты-жөнү)

Аткаруучу: Аты-жөнү
Тел:_____________

Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№4-тиркеме

20____жылдын “___”_______№___ Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимге карата **№____ кредиттик келишим**

Бишкек шаары ____-жылдын «___»________

Мындан ары “Улуттук банк” деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын (жана 20__-жылдын «___»______№__ буйруктун) негизинде иш алып баруучу ___________________ бир тараптан, жана

мындан ары «Банк» деп аталуучу __________________________ атынан Уставдын негизинде иш алып барган ____________________ экинчи тараптан, мындан ары биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар төмөнкүлөр жөнүндө ушул Келишимди (мындан ары – «Келишим») түзүштү:

## 1. КРЕДИТТИК КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Улуттук банк, 20___жылдын «___»_______ № ______ Кредиттик аукцондун жыйынтыгы боюнча 20___жылдын «___»_______ № ______ Кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимдин (мындан ары – Башкы келишим) жана жана ушул Кредиттик келишимдин негизинде, Кредиттик келишимде, Башкы келишимде жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жободо (мындан ары – Жобо) каралган шарттарда ___________ сом суммасында (суммасы жазуу менен) Банкка кредит сунуштайт.

## 2. КРЕДИТ БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ

2.1. Кредит 20___жылдын «____»______тартып «____»_____чейинки мезгилге _____ мөөнөткө берилет.

2.2 Кредит берилген күндөн болуп, кредит боюнча акча каражаттар Банктын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебине чегерилген күн саналат.

2.3. Улуттук банк кредит боюнча акча каражаттарды, ушул Келишимге кол коюлгандан кийинки жана Кредиттик келишимге ылайык Банк тарабынан Улуттук банктан талап кылынган кредит боюнча күрөөнү, күрөө келишимдерин каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарда катталгандан кийинки жумуш күнү чегерет.

2.4. Ушул Кредиттик келишимдин алкагында Улуттук банк тарабынан Банкка берилген кредит кайра каржылоо/ликвиддүүлүктү колдоого багытталат (кереги көрсөтүлсүн).

2.5. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздык чен Кредиттик келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн бүтүндөй мөөнөткө белгиленет. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды чегерүү жана төлөө ушул Кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, карызды төлөө графигине ылайык (ушул Кредиттик келишимге карата 1-тиркеме) Банк тарабынан ай сайын ишке ашырылып турта. Пайыздарды чегерүү Жобого ылайык жүргүзүлөт.

2.6. Пайыздар кредит берилген күндөн тартып (ошол күндү кошпостон) кредит төлөнгөн күнгө чейин (ошол күндү кошо алуу менен) кредит боюнча карыздын айкын калдыгына, жыл ичиндеги 365 күн эсебинде жана ай ичиндеги күндөрдүн санына жараша чегерилет.

2.7. Кредит боюнча карыздын негизги суммасын жана кредитти пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды төлөө ушул Кредиттик келишимге жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналган карызды төлөө графигине (Кредиттик келишимге карата 1-тиркеме) ылайык ишке ашырылат.

2.8. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө күнү майрам күнүнө, иштебеген күнгө же дем алыш күнгө туура келип калса, анда кредиттин негизги суммасын жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

2.9. Кредиттин негизги сумманы жана/же ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө үчүн Банк Улуттук банктагы эсепке тиешелүү суммаларды которот (негизги карыз боюнча суммаларды №____ жеке эсепке, пайыздык төлөмдөр боюнча суммаларды №____ жеке эсепке).

## 3. КРЕДИТТИ ПАЙДАЛАНУУ ШАРТТАРЫ

3.1. Банк, Улуттук банк тарабынан берилген кредитти банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана баалуу кагаздар рыногунда операцияларды, ошондой эле башка операцияларды, анын ичинде өз инсайдерлери же аффилирленген жактары менен операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланууга укугу жок.

3.2. Кредит берилген күндөн кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде Банк, Улуттук банктан алынган акча каражаттарын кредиттик аукциондорго катышуу үчүн берилген билдирмелерде көрсөтүлгөн багыттар боюнча өз карыз алуучулары арасында, анын ичинде БФМКга жайгаштырууга милдеттүү.

3.3. Кредиттик каражаттарды жайгаштыруу мөөнөтү бүткөндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде Банк, аталышын/аты-жөнүн жана кредиттөө шарттарын (кредиттөө багыты, тармагы жана мөөнөтү, пайыздык чен, негизги сумманы жана пайыздарды төлөө аралыгы) жана тиешелүү кредиттик келишимдин жана күрөө келишиминин реквизиттерин (номерин жана кол коюлган күнүн) кошо алганда, ар бир түпкү карыз алуучуну көрсөтүү менен каражаттар жайгаштырылгандыгы жөнүндөгү отчетту Улуттук банкка берүүгө милдеттүү.

3.4. Банк, кредиттик аукционго катышууга берилген билдирмеде көрсөтүлгөн өз кардарына кредиттик каражаттарды чегергенден кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде Улуттук банкка төмөнкүлөрдү сунуштоого тийиш:

- кредиттик келишимдердин жана ушул кредиттик келишим шарттарына ылайык Банктын кардары менен түзүлгөн күрөөлүк камсыздоону тастыктаган келишимдердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн,
- Банктын кардарынын эсебине кредиттик каражаттар толук көлөмдө Банк тарабынан чегерилгендигин тастыктаган төлөм документтеринин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн.

3.5. Банк тарабынан кредит берүү жөнүндө ушул кредиттик келишим боюнча алынган акча каражаттары кредиттик келишимдин 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө Банк тарабынан толук өздөштүрүлбөй калган учурда же жарым-жартылай өздөштүрүлүп калган учурда, Банк толугу менен өздөштүрбөй калган сумманы же алардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнүн суммасын кредиттик келишимдин 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөндөн кийинки жумуш күнү Улуттук банкка кайтарып берүүгө милдеттүү.

3.6. Эгерде Банк, акча каражаттарынын суммасын толук эмес жана/же учурунан кечиктирип Улуттук банкка чегерген болсо, анда Банк кредиттин толук жайгаштырылбай калган суммасынан ар бир кечиктирген күн үчүн 0,1 пайыз өлчөмүндө туум түрүндө айыптык төлөмдү Улуттук банкка төлөйт.

## 4. КҮРӨӨЛҮК КАМСЫЗДОО

4.1. Банкка тиешелүү болгон __________ (күрөөнүн түрү көрсөтүлөт) эгерде кредит БФКМге берилген учурда БФКМге тиешелүү болгон __________ (күрөөнүн түрү көрсөтүлөт) күрөө, Кредиттик келишимдин негизинде алынган кредит боюнча негизги сумманы, ал боюнча чегерилген пайыздарды, башка айыптык төлөмдөрдү, туумдарды ушул Кредиттик келишимге жана Башкы келишимге ылайык кайтарып

берүү боюнча Банктын өзүнө алган милдеттенмелеринин аткарылышын камсыздоо болуп саналат. Ушул Кредиттик келишим жана Башкы келишим боюнча өз милдеттенмелеринин камсыздоосу катары Банктын Улуттук банкка күрөөгө берилген, Банкка эгерде кредит БФКМге берилген учурда БФКМге таандык болгон күрөөлүк камсыздоонун айкын тизмеги, Банк менен Улуттук банк ортосунда келишилген күрөө келишиминде көрсөтүлүүгө тийиш.

## 5. БАШКА ШАРТТАР

5.1. Ушул Кредиттик келишимде каралбаган башка шарттар, Тараптардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери ушул Жобо жана Башкы келишим аркылуу жөнгө салынат.

5.2. Кредиттик келишимге карата бардык толуктоолор жана өзгөртүүлөр кат жүзүндө даярдалып, кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган кошумча келишим аркылуу кабыл алынат.

5.3. Жобого карата №3 жана №5 тиркемелер формасында берилген билдирмени жана күрөө келишимин кошо алганда, ушул Кредиттик келишим, Улуттук банк менен Банк ортосунда түзүлгөн Кредиттик аукцион жөнүндө 20___жылдын «__»______ түзүлгөн №_____ Башкы келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ал тараптардын ар бири үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ 3 анык нускада түзүлгөн. Нусканын бири күрөөнү каттоодон өткөргөн ыйгарым укуктуу органга берилет.

## 6. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ, РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

**Улуттук банк**
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек ш., Үмөталиев атындагы көчө, 101.
Кызматы_________________
(кол тамгасы)_____________М.О

**Банк:**
«Коммерциялык банк» ААКсы/ЖАК
Бишкек, ш. ____________ көчөсү
Улуттук банктан корэсеп №1010126_______
Улуттук банктын БИК №_____
ИНН №_____________
ОКПО №___________
Мамлекеттик салык инспекциясынын коду: _____
Кызматы_______________
(кол тамгасы)_____________М.О.

20___-жылдын «___»______№___
Кредиттик келишимге карата
№1-тиркеме

Кредит төлөө графиги

Кредиттин суммасы: _______________сом
Пайыздык чен (жылдык):_____%
Пайыздарды төлөө: ай сайын
Эсептөө жылы: 365 күн
Кредиттин мөөнөтү:_____күн
Кредит берүү күнү: 20__ж. «__»______
Кредиттин ордун жабуу күнү: 20__ж. «__»______

| **Айлар** | **Төлөө күнү** | **Пайыздарды төлөө*** | **Негизги сумманы төлөө** | **Бардыгы болуп, ордун жабууга карата** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | **Жыйынтыгында** | | | |

* пайыздарды эсептөөдө кредитти пайдалануунун айкын күндөрү эсепке алынат.

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы | **Банк:** |
| | ААК/ЖАК «Коммерциялык банк» |
| Кызматы ___________________ | Кызматы __________________ |
| (кол тамгасы)______________ М.О. | (кол тамгасы)___________ М.О. |

Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№5-тиркеме

20____-жылдын «___»_______№_____ Кредиттик келишимге карата

## КҮРӨӨ КЕЛИШИМИ

Бишкек ш. **№______________** 20__-жылдын «___» ______**№ ____**

Мындан ары "Улуттук банк" же «Күрөө кармоочу» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20____ «___» _______№___ буйруктун негизинде иш алып барган ___________________ бир тараптан,

жана мындан ары «Банк» же «Күрөө коюучу» деп аталуучу ____________ атынан Уставдын негизинде иш алып барган _______________ экинчи тараптан, мындан ары «Тараптар» деп аталуучулар төмөнкүлөр боюнча ушул Келишимди (мындан ары – «Келишим») түзүштү:

### 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Күрөө кармоочу Күрөө коюучуга _________ сом өлчөмүндө (суммасы жазуу менен) кредит берет. Кредитти жана ага кошуп эсептелген пайыздарды төөлөнүн акыркы мөөнөтү, 20__жылдын «____»_______№____Башкы келишимдин алкагында (Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин) 20___жылдын «___»_______ № __ Кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишимге ылайык (мындан ары - Кредиттик келишим) 20___-жылдын "__"______ келип жетет.

1.2. Күрөө коюучу Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу үчүн Күрөө кармоочуга ______ (суммасы жазуу түрүндө) сом өлчөмүндөгү жалпы номиналдык нарктагы төмөнкү чыгарылыштагы жана көлөмдөрдөгү ________________ (МБК) күрөө катары өткөрүп берет:

| №№ п/п | Каттоо номери | МБКлар чыга-рылган күн | МКБлардын орду жабылган күн | МБКлардын саны (даана) | 1 МБКнын номи-налдык баасы (сом) | МБКнын номи-налдык наркы (сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | **Жыйынтыгында:** | | | | | |

1.3. Бул Келишим, Күрөө коюучунун бүтүндөй колдонулган мөөнөт ичинде Кредиттик келишим жана Башкы келишим боюнча милдеттенмелеринин аткарылышынын камсыздоосу катары кызмат кылат.

1.4. Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун алдында, кредиттин негизги суммасын жана ага кошуп эсептелген пайыздарды, айыптык санкцияларды жана туумдарды кошо алганда, Кредиттик келишим жана Башкы келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук көлөмдө аткаруу; Кредиттик келишим жана Башкы келишимге ылайык негизги милдеттенмелерди аткарбай коюунун же кечиктирип аткаруунун же болбосо башка кемчиликтердин кесепетинен күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүүдөн улам келип чыккан чыгымдар жана башка чыгашалар үчүн (соттук чыгашаларды кошо алганда) ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн күрөөгө коюлган мүлкү менен жооп берет.

1.5. Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун алдында өз милдеттенмелерин толук же бөлүгүн төлөбөй койгон учурда, ушул Келишимде, Башкы келишимде жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам актыларында белгиленген тартипте, күрөөгө коюлган мамлекеттик баалуу кагаздарга карата менчик укугу Күрөө кармоочуга өтөт.

1.6. Күрөө коюучу ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн күрөөгө коюлган мамлекеттик баалуу кагаздар, башка жерде күрөөгө коюлбагандыгын, талаш-тартышта эместигин жана ага тыюу салынбагандыгын, ошондой эле Күрөө коюучунун башка милдеттерин камсыздоо предмети эместигине кепилдик берет.

## 2. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Күрөө коюучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

2.1.1. Күрөөгө коюлган мамлеттик баалуу кагаздарды Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз кимдир-бирөөгө акысыз бербөөгө, башка күрөөгө койбоого, алмаштырбоого (ушул Келишимде каралган учурларды эске албаганда), ошондой эле кандайдыр бир негиздер боюнча аны пайдаланбоого.

2.1.2. Жайгашкан жеринин өзгөргөндүгү жана ушул Келишим, Кредиттик келишим жана Башкы келишим боюнча Күрөө кармоочу алдында милдеттерин аткаруусуна таасир этиши мүмкүн болгон ишиндеги башка өзгөрүүлөр тууралуу, алар күчүнө кирген күн келип жеткенге / башталганга чейин алдын ала маалымдоого;

2.1.3. Күрөө коючу Кредиттик келишим, Башкы келишим жана ушул Келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди аткара албай калган же талаптагыдай аткарбаган учурда, ушул Келишимдин жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздардан токтоосуз түрдө (талашсыз), соттук эмес тартипте өндүрүүнүн жүргүзүлүшүн толугу менен гарантиялайт жана макулдугун берет;

2.1.4. Ушул келишимдин каттоодон өткөртүлүшү жана күчүнө киргизилиши үчүн зарыл болгон, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган бардык иш чараларды өз учурунда жана талаптагыдай ишке ашырууга.

2.2. Күрөө коюучу күрөөдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча купондук төлөөлөрдү алуу укугуна ээ.

2.3. Ушул Келишим боюнча күрөө предметинен болуп саналган мамлекеттик баалуу кагаздарды кайра күрөөгө коюуга жол берилбейт.

2.4. Күрөө кармоочу төмөнкүлөргө укуктуу:

2.4.1. Күрөө коюучудан ушул Келишимде көрсөтүлгөн милдеттердин мөөнөтүнөн мурда аткарылышын талап кылууга, эгерде анын талабы канааттандырылбаса - төмөнкү учурларда мамлекеттик баалуу кагаздардан өндүрүүнү жүргүзүүгө:

1) Күрөө коюучу тарабынан Кредиттик келишимдин жана Башкы келишимдин талаптарын жана жоболорун бузууга жол берилген шартта;

2) Күрөө коюучу кийинки күрөөгө коюу эрежелерин, мамлекеттик баалуу кагаздарга карата үчүнчү жактардын укугу жөнүндө Күрөө кармоочуга эскертүү милдеттенмесин бузууга жол берсе;

3) Күрөө коюучу ушул Келишимде же Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган башка талаптарды жана жоболорду аткарбаса.

2.4.2. Эгерде, Күрөө коюучу же үчүнчү жак мамлекеттик баалуу кагаздардын Күрөө кармоочунун ээлигине өткөрүлүп берилишине тоскоолдук кылса, Күрөө коюучудан же үчүнчү тараптан мүлктү алуу үчүн зарыл болгон бардык мыйзамдуу аракеттерди көрүүгө.

2.4.3. Ушул Келишим боюнча өз укуктарын үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө.

2.4.4. Мамлекеттик баалуу кагаздардан өндүрүүнү жүргүзүүнү Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык, соттук эмес тартипте ишке ашырууга.

2.5. Күрөө кармоочу күрөө менен камсыздалган талаптын өлчөмүнөн ашкан сумманын айырмасын Күрөө коюучуга кайтарып берүүгө милдеттенет. Күрөө кармоочунун мамлекеттик баалуу кагаздардын наркынан канааттандырылуучу талаптарында төмөнкүлөр камтылат: кредиттин негизги суммасын кайтарып берүү, кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөө, Кредиттик келишимге жана Башкы келишимге ылайык негизги милдеттенмелерин аткарбай коюудан, мөөнөтүн өткөрүп жиберүүдөн же талаптагыдай аткарбай коюудан улам келип чыккан чыгымдарды жана үстөк айыптарды (айыптык төлөм, туум) төлөө, өндүрүүнү жүргүзүүдөн келип чыккан мүмкүн болуучу чыгымдарды жана башка чыгашаларды (соттук чыгымдарды кошо алганда) төлөө.

## 3. КҮРӨӨ ШАРТТАРЫ

3.1. Тараптар ушул Келишимге ылайык күрөөгө коюлган мамлекеттик баалуу кагаздар, Күрөө коюучунун Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздарынын Башкы депозитарийиндеги Депо-эсебинин камдык (күрөөлүк) субэсебинде жайгаштырууга макулдашышты.

Ушул Келишимге кол коюлгандан кийин Күрөө коюучу Келишим шарттарына ылайык мамлекеттик баалуу кагаздарды Күрөө коюучунун Башкы депозитарийиндеги Депо-эсебинин камдык (күрөөлүк) субэсебине Жободо көрсөтүлгөн шарттарга ылайык которуу жөнүндө Башкы депозитарийге тапшырма жөнөтүүгө милдеттенет.

3.2. Тараптар, ушул Келишимге ылайык күрөөгө коюлган мамлекеттик баалуу кагаздарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же Улуттук банк эмитенти катары иш алып барган, Күрөө коюучуга тиешелүү болгон башка баалуу кагаздарга алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнө Тараптар макул болгон шартта, Күрөө кармоочу менен Күрөө коючу ортосунда жаңы Күрөө келишимин түзүүгө, Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздарынын Башкы депозитарийинде каттоодон өткөртүүгө, каттоо төлөмүн төлөөгө макул болушту. Мында, каттоого кеткен чыгымдарды Күрөө коюучу төлөйт.

3.3. Күрөө коюучу ушул Келишимдин 3.1., 3.2. жана башка пункттарында каралган талаптарды аткарбай койгон шартта жана ушул Келишимге ылайык күрөөгө коюлган, Күрөө коюучунун Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздарынын Башкы депозитарийиндеги Депо-эсебинин камдык (күрөөлүк) субэсебинде турган мамлекеттик баалуу кагаздарды төлөө мөөнөтү келип жеткен учурда, Тараптар Башкы депозитарийге ошол мамлекеттик баалуу кагаздардын номиналдык наркын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Борбордук казыналыктын эсебинен Күрөө кармоочунун Улуттук банкта ачылган эсебине которууга ыйгарым укук чегеришкен.

3.4. Кредиттик келишимге жана Башкы келишимге ылайык күрөө менен камсыздалган милдеттенмелер аткарылбай калган учурда, Күрөө кармоочу ушул Келишимге ылайык күрөөгө коюлган мамлекеттик баалуу кагаздарды Күрөө кармоочунун Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздарынын Башкы депозитарийиндеги Депо-эсебине которулушун талап кылууга укуктуу.

3.5. Тараптар, ушул Келишимдин Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздарынын Башкы депозитарийинде каттоодон өткөртүлүшү үчүн төлөмдүн Күрөө коюучу тарабынан төлөнүшүнө макулдашышты.

## 4. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

4.1. Ушул Келишим боюнча милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган шартта, Тараптар бири-бирине келтирилген чыгымдарды Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык төлөп берүүгө тийиш.

4.2. Келтирилген чыгымдардын ордун толтуру жана туумдарды төлөө күнөөлүү тараптарды ушул Келишимде, Кредиттик Келишимде жана Башкы келишимде каралган милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

## 5. КҮРӨӨ ПРЕДМЕТИНЕН ӨНДҮРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

5.1. Ушул Келишимдин жоболоруна ылайык мамлекеттик баалуу кагаздардан өндүрүүнү жүргүзүү зарылчылыгы келип чыккан шартта Тараптар, мамлекеттик баалуу кагаздардан өндүрүүнү жүргүзүү ушул Келишимдин, Башкы келишимдин жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам актыларынын шарттарына ылайык, соттук эмес тартипте дароо ишке ашырыла тургандыгына келишишти.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Келишим белгиленген тартипте каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет жана Күрөө коюучу Күрөө кармоочу алдындагы өз милдеттенмесин, анын ичинде кредит боюнча негизги карыздын суммасын, ал боюнча кошуп эсептелген пайыздарды, айыптык төлөмдөрдү/туумдарды төлөө жана Күрөө коюучунун Кредиттик келишим, Башкы

келишим жана ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбай коюусунан же талаптагыдай аткарбашынан улам келип чыккан башка чыгымдардын/чыгашалардын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерин толук аткарганга чейин колдонулат.

6.2. Ушул Келишим шарттары Тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү жана толукталышы мүмкүн.

6.3. Келишимди тариздетүү жана каттоодон өткөртүү боюнча сарптоолор Күрөө коюучунун эсебинен жүзөгө ашырылат. Келишимди Күрөө коюучу каттоодон өткөртүүгө тийиш.

6.4. Келишим Улуттук банктагы мамлекеттик баалуу кагаздардын Башкы депозитарийинде катталууга тийиш.

6.5. Келишим, ушул Келишимдин 6.4-пунктуна ылайык тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

6.6. Келишим орус тилинде 3 (үч) анык нускада түзүлгөн, 1 (бир) нускасы - сактоо үчүн Күрөө коюучуга, дагы 1 (бир) нускасы каттоо үчүн тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга, 1 (бир) нускасы сактоо үчүн Улуттук банкка берилет.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ, РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

**КҮРӨӨ КАРМООЧУ**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы:**
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек ш., Үмөталиев атындагы көчө, 101.

Кызматы ____________________

(кол тамгасы)_______________М.О

**КҮРӨӨ КОЮУЧУ**
**Банк:**
«Коммерциялык банк» ААКсы/ЖАК
Бишкек шаары,_____________ көчөсү
Улуттук банктагы корэсеп №1010126_______
БИК НБКР №_____
ИНН №_____________
ОКПО №___________
Мамлекеттик салык инспекциясынын коду: _____
Кызматы__________________
(кол тамгасы)_____________М.О.

**Улуттук банкта каттоодон өткөртүлгөн**
**20___ –жылдын «__»________** **№ ___________**
______________________/____________________________________________
*(кол тамгасы)* *(кызматы, аты-жөнү)*

Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№5-тиркеме

20___-жылдын «___»______№___ Кредиттик келишимге карата

## КҮРӨӨ КЕЛИШИМИ

Бишкек ш. **№______________**20__-жылдын «___» ______**№ ___**

Мындан ары "Улуттук банк" же «Күрөө кармоочу» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын жана 20____ «___» _______№___ буйруктун негизинде иш алып барган _________________ бир тараптан,

жана мындан ары «Банк» же «Күрөө коюучу» деп аталуучу _____________ атынан Уставдын негизинде иш алып барган ____________________ экинчи тараптан, мындан ары «Тараптар» деп аталуучулар төмөнкүлөргө тиешелүү банктык аманат келишими боюнча талап коюу укугунун мына ушул Күрөө келишимин (мындан ары – «Келишим») түзүштү:

### 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Күрөө кармоочу Күрөө коюучуга _________ сом өлчөмүндө (суммасы жазуу менен) кредит берет. Кредитти жана ага кошуп эсептелген пайыздарды төөлөнүн акыркы мөөнөтү, 20__жылдын «____»_______№____Башкы келишимдин алкагында (Кредиттик аукцион жөнүндө башкы келишимдин) 20___жылдын «___»_______ № __ Кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишимге ылайык (мындан ары - Кредиттик келишим) 20___-жылдын "__"______ келип жетет.

1.2. Күрөө коюучунун Кредиттик келишим боюнча милдеттеринин аткарылышын камсыз кылуу үчүн Күрөө коюучу ______ жылдын "___" ____ Күрөө кармоочуга Күрөө коюучу менен Улуттук банктын ортосунда түзүлгөн №______ Банктык аманат келишими (Банктын чет өлкө валютасындагы депозит эсебин Улуттук банкта ачуу жана тейлөө жөнүндө макулдашуу) боюнча (мындан ары – "Күрөө предмети" же "Банктык аманат келишими") акча каражаттарын талап кылуу укугун толугу менен Күрөө кармоочуга өткөрүп берет.

1.3. Банктык аманат боюнча акча каражаттары Улуттук банкта Күрөө коюучунун атына ачылган ____________ эсепке жайгаштырылган жана алардын өлчөмү _________(суммасы жазуу жүзүндө) АКШ долларын/еврону түзөт. Банктык (депозиттик) аманатты кайтаруу мөөнөтү________жылы келип жетет.

1.4. Тараптар тарабынан макулдашылган Күрөө предметинин ушул Келишимге кол коюлган учурга карата жалпы наркы____(суммасы жазуу жүзүндө) АКШ доллары/еврону түзөт.

1.5. Күрөө коюучу ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн Күрөө предметин Күрөө кармоочунун макулдугусуз кайра күрөөгө коюуну, каражаттарды эсептен алып салууну/чегерүүнү кошо алганда, аларды тескөө укугуна ээ эмес.

1.6. Күрөө коюучу Күрөө предмети башка жерде күрөөгө коюлбагандыгын, карыздардан жана үчүнчү жактардын укугунан эркин экендигине кепилдик берет.

## 2. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Күрөө кармоочунун укуктары жана милдеттери:

2.1.1. Күрөө коюучудан күрөө предметин алмаштырууну же банктык аманат (депозит) жайгаштырылган валютанын расмий курсунун төмөндөшүнүн натыйжасында анын наркы төмөндөгөн учурда, кошумча камсыздоону талап кылууга.

2.1.2. Күрөө коюучудан ушул Келишимдин 1.2- пункттарындагы жана Кредиттик келишимдеги милдеттенмелердин мөөнөтүнөн мурда аткарылышын талап кылууга, эгерде анын талабы канааттандырылбаса, анда төмөнкү учурларда күрөө предметинен өндүрүү ишке ашырылат:

1) кредиттик келишимдин шарттарын, талаптарын жана жоболорун бузган учурда;

2) Күрөө коюучу кредиттин негизги суммасы боюнча карызын жана ага чегерилген пайыздарды, үстөк айыптарды (айыптар жана туумдар) жана башка төлөмдөрдү кошо алганда, карызын төлөбөгөн же кредиттик келишим боюнча аны төлөө мөөнөтүн сактабаган учурда;

3) Күрөө коюучу тарабынан ушул Келишимдин талаптары жана жоболору бузулган учурда;

4) Күрөө коюучу тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобонун жана кредиттик аукцион жөнүндөгү Башкы келишимдин шарттары бузулган учурда;

5) Ушул жободо же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

2.1.3. Күрөө предметин сатуудан алынган сумма Күрөө кармоочунун талабын толук канааттандырууга жетишсиз болгон учурда, жетпей

жаткан сумма Күрөө коюучунун башка мүлкүнөн алынат, андан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өндүрүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

2.1.4. Эгерде, Күрөө коюучу же үчүнчү бир тарап Күрөө кармоочуга күрөө предметин өткөрүп берүүгө тоскоолдук жаратса, Күрөө коюучудан же үчүнчү тараптан мүлктү алууга зарыл болгон мыйзамдуу аракеттерди көрүү;

2.1.5. Ушул Келишим боюнча өз укуктарын (кайтарымдуу же кайтарымсыз) үчүнчү жактарга өткөрүп берүү.

2.1.6. Ушул Келишимде каралган башка укуктарга ээ.

2.1.7. Күрөө кармоочу ушул Келишимдин аткарылышына контролдук жүргүзүүгө жана контролдук функцияларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды сурап алууга, Күрөө предметинин болушун жана абалын текшерүүгө укуктуу.

2.2. Күрөө коюучунун укуктары жана милдеттери:

2.2.1. Келишим боюнча банктык аманаттын акча каражаттарын акысыз өткөрүп бербөөгө, күрөөгө койбоого, ошондой эле Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз кандай болбосун башка жолдор менен банктык аманат келишими боюнча акча каражаттарын тескөөгө албоого;

2.2.2. Күрөө кармоочунун макулдугусуз күрөө предметин азайтууга, түрүн өзгөртүүгө, токтотууга, жоготууга алып келүүчү иш-аракеттерге жол бербөөгө;

2.2.3. Күрөө предметинин өзгөрүүлөрү, үчүнчү жактар тарабынан бузууга жол берилиши ыктымалдуулугу же бул укуктарга үчүнчү тараптардын тартылышы жөнүндө маалым алынган учурдан тартып, үч күндүк мөөнөт ичинде Күрөө кармоочуга ал тууралуу билдирүү;

2.2.4. Күрөө кармоочунун талабы боюнча, үч күндүк мөөнөт ичинде, ага күрөө предметине тиешелүү бардык документтерди жана зарыл болгон башка бардык маалыматты берүүгө;

2.2.5. Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз, Банктык аманат Келишимине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизбөөгө;

2.2.6. Ушул Келишимде каралган башка милдеттенмелерге ээ;

2.2.7. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү ушул Келишимдин шарттарына ылайык, соттук эмес тартипте ишке ашырылат. Күрөө коюучу күрөө предметинен соттук эмес тартипте өндүрүүнүн жүргүзүлүшүнө жана кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишим жана ушул келишим боюнча алынган милдеттенмелер аткарылбай калса же талап-

тагыдай аткарылбаса, алардын мүнөздөмөлөрүнө жана курамдык түзүмүнө көз карандысыз, күрөө предметин соттук эмес тартипте сатып өткөрүүгө өз макулдугун берет жана аны гарантиялайт.

2.2.8. Күрөө коюучу күрөө предметин ушул Келишимге ылайык сатууга чейинки кайсы гана убакта болбосун, бул күрөө аркылуу камсыз болгон милдеттенмени же анын аткаруу мөөнөтү өтүп кеткен бөлүгүн аткарууга укуктуу.

## 3. КҮРӨӨ ШАРТТАРЫ

3.1. Тараптар, Банктык аманат Келишими боюнча Күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №__________эсебинде жайгаштырылган, Улуттук банктын кайра баа берүү күнүнө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентиндеги АКШ долларында/евродо (сомго кайра эсептөөдө) акча каражаттарынын күндөлүк калдыгы, Күрөө кармоочу тарабынан колдонулган тиешелүү ордун жабуу коэффициентин (күрөөлүк коэффициентин) эске алуу менен кредит берүү жөнүндө Макулдашууга ылайык, Күрөө коюучунун алынган кредиттик каражаттар боюнча Күрөө кармоочу алдындагы карызынын күндөлүк калдыгынан төмөн болбоого тийиш экендигине макул болушту.

Күрөө кармоочу Күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №__________ эсебинде жайгаштырылган акча каражаттарынын күндөлүк калдыгынын ушул пункттун биринчи абзацында каралган жоболорго ылайык келүүсүнө мезгил-мезгили менен кайра баа берүү жүргүзүп турат жана Күрөө коюучуга кошумча күрөө берүү же кредит берүү жөнүндө Макулдашуу боюнча алынган кредиттик каражаттар боюнча тиешелүү бөлүгүн төлөө зарылчылыгы жөнүндө талап-билдирүүлөрдү жөнөтөт.

Эгерде, ушул Келишимди колдонуу мөөнөтү ичинде Күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №___________ эсебинде сом эквивалентинде жайгаштырылган акча каражаттарынын күндөлүк калдыгынын төмөндөшү, ушул пункттун биринчи абзацына ылайык эсептелинген суммадан 5 (беш) пайызынан ашыгыраакка төмөн болсо, анда Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун тиешелүү талап-билдирмеси келип түшкөндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде Күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №_____ эсебинде АКШ долларында/евродо жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасын, Күрөө кармоочунун талап-билдирмелеринде көрсөтүлгөн талап кылынган суммага чейин жеткирүүгө же болбосо Кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишимге ылайык, Күрөө кармоочудан Күрөө коюучу алган кредиттин тиешелүү бөлүгүн кайра баа берүү күнүнө карата Улуттук банктын расмий курсу боюнча сом эквивалентиндеги АКШ доллары/евродогу займдын суммасынын эң аз дегенде 120% жабууга милдеттүү.

Мында, Улуттук банк белгилеген АКШ долларынын/евронун расмий курсунун жогорулоосу шартында карыз суммасынын кандайдыр-бир бөлүгүн бошотулбайт жана Күрөө коюучуга кайтарылып берилбейт.

3.2. Күрөө коюучу ушул Келишимге кол коюлгандан кийинки 1 (бир) жумуш күнү ичинде Улуттук банкка кол коюлган келишимди, анын ичинде Күрөө коюучунун банктык аманат Келишими боюнча Улуттук банкта ачылган №______________ эсебинде жайгаштырылган акча каражаттары, күрөө предмети болуп саналган талап кылуу укугу Күрөө коюучунун Улуттук банктагы эсебинен, Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз төлөнбөй тургандыгы (алып салуу/чегерүү) жөнүндө маалымдама жиберүүгө милдеттенет.

3.3. Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугу менен ушул Келишимдин 3.1-пунктунда каралган шарттар сакталган учурда, кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишимге ылайык, Күрөө кармоочудан алынган кредит боюнча Күрөө коюучу өз милдеттенмелерин толук же анын бир бөлүгүн аткарган шартта, Күрөө коючунун Улуттук банкта ачылган №______________эсебиндеги акча каражаттарын Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугу менен гана толук же бөлүп алууга укуктуу.

## 4. КҮРӨӨ ПРЕДМЕТИНЕН ӨНДҮРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

4.1. Банктык аманат Келишими боюнча Күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №___________эсебинде турган, алар боюнча талап кылуу укугу күрөө предметинен болуп саналган акча каражаттарынан өндүрүүнү жүргүзүү зарылчылыгы келип чыккан шартта Тараптар, ушул Келишимдин жоболоруна ылайык, күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык, соттук эмес тартипте ишке ашырылаарына келишишти.

4.2. Кредит берүү келишимине ылайык, күрөө менен камсыздалган милдеттенмелер аткарылбай калса, ошондой эле ушул Келишимдин 2.1.2-пунктунда каралган жагдайлар келип чыкса жана күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү башталган болсо, Күрөө коюучу банктык аманат Келишими боюнча Улуттук банкта ачылган №___________өз эсебинен акча каражаттарын акцептсиз (талашсыз) тартипте эсептеп алып коюуга жана аларды Күрөө кармоочунун эсебине которууга Улуттук банкка укук ыйгарат.

4.3. Чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын акцептсиз (талашсыз) тартипте эсептен алып салуу/алуу учурунда алынган/эсептен алып салынган акча каражаттарын, Күрөө кармоочу тарабынан Күрөө коюучуга берилген кредиттин валютасына конвертирлөө, Улуттук банктын эсептен алып салуу/алуу күнүнө карата белгиленген расмий курска ылайык жүргүзүлөт.

4.4. Ошондой эле күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүүдө, Күрөө коюучу ушул Келишимдин 1.2- пунктунда көрсөтүлгөн жана Күрөө пред-

мети болуп саналган банктык аманат Келишими боюнча талап кылуу укугун өткөрүп берүүгө милдеттенет.

4.5. Банктык аманат Келишими боюнча, Күрөө предмети болуп саналган, банктык аманат Келишими боюнча талап кылуу укугун өткөрүп берүү жагында Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 173-беренесине жана 18-главасына ылайык, бул Келишим кийинкиге калтыруу шарты менен түзүлгөн. Көрсөтүлгөн банктык аманат Келишими боюнча талап кылуу укуктары Күрөө кармоочуга, ушул Келишимдин 1.2- пунктунда көрсөтүлгөн Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү башталгандан кийинки күнү өтөт.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

5.1. Ушул Келишим боюнча милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бири-бирине келтирилген зыяндардын ордун жаап берүүгө тийиш.

5.2. Ушул Келишимдин 3.1-пунктунда каралган милдеттенмелер аткарылбаган шартта, Күрөө коюучу Күрөө кармоочуга ушул Келишимдин 1.5-пунктуна ылайык, өз милдеттенмелерин аткарбаган ар бир күн үчүн Күрөө предметинин жалпы наркынан 0,05 пайыз өлчөмүндө туум төлөп берет.

5.3. Чыгымдардын ордун жабуу жана туум төлөп берүү күнөөлүү тарапты ушул Келишимде жана кредит берүү жөнүндө кредиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Ушул Келишим боюнча Күрөө кармоочунун укуктарын ыйгарып берүүсү, Күрөө коюучунун макулдугусуз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

6.2. Ушул Келишим боюнча Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун макулдугусуз үчүнчү жактарга өз укуктарын жана милдеттерин өткөрүп берүүгө укугу жок.

6.3. Ушул Келишимге байланыштуу келип чыккан талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте чечилүүгө тийиш.

6.4. Ушул Келишимдин шарттары эки Тараптын өз ара макулдугу боюнча өзгөртүлүшү жана толукталышы мүмкүн.

6.5. Келишимди тариздөө жана каттоо боюнча сарптоолор Күрөө коюучунун эсебинен жүргүзүлөт.

6.6. Келишим Кыргыз Республикасынын Күрөөлөрдү каттоо конторасында катталууга тийиш.

5.7. Келишим, ушул Келишимдин 6.6-пунктуна ылайык тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарда катталган убактан тартып күчүнө кирет.

6.8. Келишим, Күрөө коюучу кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарганга чейин колдонулат.

6.9. Келишим 3 (үч) анык нускада түзүлгөн, 1 (бир) нускасы - сактоо үчүн Күрөө коюучуга, дагы 1 (бир) нускасы каттоо үчүн тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга, 1 (бир) нускасы сактоо үчүн Улуттук банкка берилет.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ, РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

**КҮРӨӨ КАРМООЧУ**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы:**
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек ш., Үмөталиев атындагы көчө, 101.

Кызматы ___________________

(кол тамгасы)_______________М.О

**КҮРӨӨ КОЮУЧУ**
**Банк:**
«Коммерциялык банк» ААКсы/ЖАК
Бишкек шаары,____________ көчөсү
Улуттук банктагы корэсеп №1010126_______
БИК НБКР №_____
ИНН №_____________
ОКПО №___________
Мамлекеттик салык инспекциясынын коду: _____
Кызматы_________________
(кол тамгасы)_____________М.О.

Кредиттик аукцион жөнүндө
Башкы келишимге карата
№5-тиркеме

20____-жылдын «___»_______№_____ Кредиттик макулдашууга карата

**КҮРӨӨ КЕЛИШИМИ**

Бишкек ш. **№______________**20____«___»_______**№ ______**

Мындан ары "Улуттук банк" же «Күрөө кармоочу» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 20____ «___» _______№___ буйруктун негизинде иш алып барган __________________ бир тараптан жана мындан ары «Банк» же «Күрөө коюучу» деп аталуучу ____________________ атынан Уставдын негизинде иш алып барган ____________________ экинчи тараптан, мындан ары «Тараптар» деп аталуучулар, төмөнкүлөргө тиешелүү кредиттик келишимдер боюнча талап коюу укугунун мына ушул Күрөө келишимин (мындан ары – «Келишим») түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Күрөө кармоочу Күрөө коюучуга _________ (жазуу менен) сом өлчөмүндө кредит берди. Кредитти жана ага кошуп эсептелген пайыздарды төөлөнүн акыркы мөөнөтү Кредиттик аукцион жөнүндө 20__жылдын «____»_______№____Башкы келишимдин алкагында (мындан ары-Башкы келишим) 20___жылдын «___»_______ № __ Кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишимге ылайык, _______жылдын "__"______ келип жетет.

1.2. Күрөө коюучу Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу үчүн, Күрөө кармоочуга Күрөө коюучу жана анын кардарлары-карызгерлеринин ортосунда (мындан ары – "Күрөө предметтери" же "Кредиттик келишимдер") түзүлгөн кредиттик келишимдер боюнча талап кылуу укугун өткөрүп берет. Талап кылуу укугу күрөөгө берилген Кредиттик келишимдердин так тизмеси ушул келишимге карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн.

1.3. Тараптар тарабынан макулдашылган Күрөө предметинин жалпы наркы ушул келишимге кол коюу учуруна карата ________(суммасы жазуу менен) сомду түзөт.

1.4. Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун макулдугусуз ушул келишимдин 1.2. пунктунда көрсөтүлгөн Күрөө предметтерин кийинки күрөөгө коюуну кошо алганда, аларды колдонууга укуктуу эмес.

## 2. КЕЛИШИМДИН ШАРТТАРЫ

2.1. Күрөө коюучу Күрөө кармоочуга ушул Келишимди түзүү учурунда Күрөө предметтери төмөнкү талаптарга жооп бере тургандыгын тастыктайт:

1) Кредиттик келишимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен түзүлгөн жана көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдерге колдонулган укук болуп кыргыз укугу саналат;

2) көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдер боюнча Күрөө коюучунун алдындагы милдеттенмелер Кыргыз Республикасынын резидентинде келип чыгат;

3) Кредиттик келишимдер, ошондой эле көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдерге ылайык келишилген күрөө келишимдери, кредитордун/күрөө кармоочунун талап кылуу укуктарын үчүнчү жакка өткөрүп берүү боюнча чектөөлөрдү камтыбайт;

4) мүлккө карата укук (талап кылуу укугу) Кредиттик келишимдерге жараша, Күрөө коюучуга тиешелүү жана Күрөө коюучунун башка милдеттенмелери жүктөлгөн эмес, аларга карата талаштар жана белгиленген тартипте коюлган талаптар жок жана укугунан ажыратуу үчүн үчүнчү жактын макулдугу же уруксаты талап кылынбайт;

5) ушул Келишим боюнча талап кылуу укугу күрөө предметтери болуп саналган кредиттер, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилген, “Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга карата камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө” жобого ылайык, классификацияланбаган активдердин категориясына киргизилген жана реструктуризацияланган эмес.

6) ушул Келишим боюнча талап кылуу укугу күрөө предметтери болуп саналган кредиттер, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2011-жылдын 16-июнундагы №12/2 токтому менен бекитилген, белгилүү бир мүнөздөмөлөргө ылайык келген кредиттердин портфелин калыптандыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдө каралган мүнөздөмөлөргө ылайык келет.

2.2. Күрөө коюучу Күрөө кармоочуга ушул Келишимди түзүү учурунда Кредиттик келишимдер боюнча Күрөө коюучунун карызгери болуп саналган уюм/жеке адам төмөнкү талаптарга жооп берээрин тастыктайт:

1) уюм же жеке адам Күрөө коюучунун 10 пайыздан ашпаган акцияларына ээ (эгерде болгон шартта) жана Күрөө коюучу уюмдун уставдык капиталында анын уставдык капиталынын 10 пайызынан ашпаган өлчөмдө үлүшкө ээ же уюмдун акцияларынын

10 пайыздан ашпаган үлүшүнө ээ (эгерде болгон шартта); жеке адам инсайдер болуп же Күрөө коюучунун аффилирленген жагы болуп эсептелбейт;

2) Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналат.

2.3. Күрөө предметтери кредиттик келишимге каралган бардык милдеттенмелер аткарганга чейин буйрук берүү укугусуз Күрөө коюучунун менчигинде калат.

2.4. Кредиттик келишимдер боюнча чет өлкө валютасында туюндурулган талап кылуу укуктарынын рыноктук наркы Улуттук банк тарабынан аларга баа бериилген күнгө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча аныкталат.

## 3.ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ.

3.1. Күрөө кармоочунун укуктары жана милдеттери:

3.1.1. Кредиттик келишимдер боюнча Күрөө коюучунун талап кылуу укуктарынын документалдык жактан жана айкын бар болушун, көлөмүн жана абалын текшерүү.

3.1.2. Күрөө коюучудан күрөө предметтерине кандай гана болбосун аларды жоготуу же алардын наркын төмөндөтүү коркунучун туудурган кол салууларды токтотууну талап кылуу.

3.1.3. Күрөө коюучудан күрөө предметин калыбына келтирүү же алмаштыруу же болбосо аларды жоготуу же наркын төмөндөтүү учурунда кошумча камсыздоону сунуштоону талап кылуу.

3.1.4. Күрөө коюучудан, эгерде, күрөө предметтери жоготууга учураса, ушул күрөө предметтери аркылуу камсыз кылынган милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда аткарууну, ошондой эле Тараптар тарабынан күрөө предметтерин калыбына келтирүү же алмаштыруу жөнүндө макулдашууга жетишилбеген шартта кошумча камсыз кылууну талап кылуу.

3.1.5. Күрөө коюучудан ушул келишимдин 1.1. жана 1.2- пункттарында берилген милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда аткарууну талап кылуу, эгерде анын талабы канааттандырылбаса, күрөө предметтеринен төмөнкү учурларда өндүрүү жүргүзүлөт:

1) Күрөө коюучу тарабынан Кредиттик келишимдин шарттарын, талаптарын жана жоболорун бузууга жол берилген учурда;

2) Кредиттин негизги суммасы боюнча карызын жана ага чегерилген пайыздарды, үстөк айыптарды (айыптар жана туумдар) жана башка төлөмдөрдү кошо алганда, Күрөө коюучу Кредиттик келишим боюнча карызды төлөбөгөн же төлөө мөөнөтүн сактабаган учурда;

3) Күрөө коюучу тарабынан ушул Келишимдин талаптарын же жоболорун бузууга жол берилген учурда;

4) Күрөө коюучу тарабынан Күрөө предметтерин сактоо, алмаштыруу же калыбына келтирүү эрежелери бузулган учурда;

5) Күрөө коюучу жооп бербеген жагдайларды кошо алганда Күрөө предметтерин жоготкон, ошондой эле эгерде, Күрөө коюучу күрөө предметтерин алмаштырбаган же калыбына келтирбеген же ушул Келишимге ылайык кошумча камсыздоону сунуштабаган шартта, күрөө предметинин наркы төмөндөгөн учурда;

6) Күрөө коюучу тарабынан кийинкиде күрөөгө коюу жөнүндө эрежелер, күрөө предметтеринин сакталышы боюнча милдеттер, Күрөө коюучуга күрөө предметине үчүнчү жактардын укуктары жөнүндө эскертүү боюнча милдеттер бузууга жол берилген шартта;

7) Күрөө коюучу тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобонун жана кредиттик аукцион жөнүндө Башкы келишимдин талаптарын бузууга жол берилген шартта;

8) Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда;

3.1.6. Эгерде, күрөө предметин сатып өткөрүүдөн алынган сумма Күрөө кармоочунун талаптарын толук канааттандырууга жетишсиз болсо, жетпеген сумманы Күрөө коюучунун башка мүлкүнөн алууга укуктуу, андан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өндүрүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

3.1.7. Эгерде, Күрөө коюучу же үчүнчү жак Күрөө кармоочуга Күрөө предметин өткөрүп берүүгө тоскоолдук жаратса, Күрөө коюучудан же үчүнчү жактан мүлк алуу үчүн зарыл болгон мыйзам ченемдүү аракеттерди көрүү.

3.1.8. Ушул Келишим боюнча өз укуктарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүү (кайтарымдуу же кайтарымсыз).

3.1.9. Ушул келишимдин аткарылышына контролдук жүргүзүүгө жана ага контролдук функцияларды ишке ашырууга зарыл болгон маалыматтарды сурап-билүүгө, Күрөө предметинин болушун жана абалын текшерүүгө.

3.1.10. Ушул Келишимде каралган башка укуктарга ээ.

3.2. Күрөө коюучунун укуктары жана милдеттери:

3.2.1. Күрөө предметин жоготуу коркунучу келип чыккандыгы жана наркынын төмөндөшү тууралуу Күрөө кармоочуга дароо билдирүү.

3.2.2. Күрөө предметтеринин аныктыгы жана мыйзамдуулугу үчүн зарыл болгон иш-аракеттерди ишке ашыруу.

3.3.3. Күрөө кармоочунун макулдугусуз, Күрөө предметинин азаюусуна, түрүнүн өзгөрүшүнө, токтотулушуна, жоголушуна алып келген аракеттерди аткарбоо.

3.2.4. Күрөө коюучуга Күрөө предмети менен болгон өзгөрүүлөр, үчүнчү жактар тарабынан жол берилген бузуулар же алардын бул укуктарга (Күрөө предметине) кийлигишүүсү тууралуу маалым болгон учурдан кийинки үч күндүк мөөнөт ичинде Күрөө кармоочуга маалымдоо.

3.2.5. Күрөө кармоочунун талап кылуусу боюнча, үч күндүк мөөнөттө Күрөө предметине тиешелүү кайсы болбосун документ менен таанышууга ага мүмкүнчүлүк берүү жана Күрөө предмети жөнүндө Күрөө кармоочуга зарыл болгон кайсы болбосун маалыматтарды сунуштоо.

3.2.6. Күрөө предметин жоготуу же анын наркынын төмөндөшү тобокелдигин алып жүрүү жана Күрөө предмети жоголуп кеткен же анын нарксызданышына, өзгөрүшүнө, жоголушуна алып келген башка жагдайлар орун алган, же болбосо Күрөө предмети ушул Келишим талаптарына ылайык келбеген шартта, Күрөө кармоочунун макулдугу менен анын наркына эквиваленттүү нарктагы башка камсыздоону ушул Келишимдин 4.2-пунктунда каралган мөөнөттөрдө сунуштоого милдеттенет.

3.2.7. Күрөө кармоочунун өкүлдөрүнө талап кылуу укугу (Күрөө предметтери) жайгашкан жерге, ошондой эле Кредиттик келишимдердин күрөөлүк камсыздоолорунун жайгашкан жерине кирүү мүмкүнчүлүгүн алардын бар экендигине, абалына жана аларды күтүү шарттарына мониторинг жүргүзүү максатында камсыз кылуу.

3.2.8. Күрөө кармоочуга өзүнүн жайгашкан ордунун, укуктук статусунун өзгөргөндүгү, Банк акционерлеринин жана жетекчилигинин курамы жөнүндө жана башка өзгөрүүлөр жөнүндө өзгөрүүлөр жүргөн күндөн тартып билдирүү.

3.2.9. Күрөө коюучунун Күрөө предметин толугу менен же жарым-жартылай ээликтен ажыратууга, кандайдыр бир милдеттерди жүктөөгө, же болбосо аны башкача негизде пайдаланууга укугу жок.

3.2.10. Эгерде ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү ичинде Күрөө предмети ушул Келишимдин 2.1 жана 2.3-пункттарынын талаптарына, ошондой эле Күрөө кармоочунун башка талаптарына жооп бербей калса, Күрөө коючу ушул келишимдин 3.2.6-пунктчаларында каралган аракеттерди жүзөгө ашырат.

3.2.11. Күрөө кармоочуга Күрөө коюучунун карызгерлери тарабынан ушул Келишим боюнча Күрөө предмети болуп саналган Кредиттик кели-

шимдердин шарттары аткарылгандыгы тууралуу жана алар боюнча камсыздоонун абалы тууралуу ар бир айдын 5-күнүнө чейин маалымдоо жана ушул Келишимге карата 2-тиркемеде көрсөтүлгөн отчетту сунуштоо.

3.2.12. Ушул Келишим боюнча Күрөө предмети болуп саналган Кредиттик келишимдерге жана Кредиттик келишимдердин аткарылышын камсыз кылган күрөө келишимдерине Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү уруксатысыз өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизбөө.

3.2.13. Күрөө кармоочунун талап кылуусу боюнча, Күрөө коюучу ушул талап келип түшкөндөн кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде Күрөө предмети боюнча Кредиттик келишимдердин түп нускаларын жана көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдер боюнча күрөө келишимдеринин түп нускаларын аларга кошо тиркелген бардык зарыл документтери менен кошо Күрөө кармоочуга берүүгө милдеттенет.

3.2.14. Күрөө коюучу Күрөө кармоочу тарабынан күрөөлүк камсыздоо боюнча коюлган талаптарды аткарууга жана алардан четтеген учурда ушул келишимдин 4.2-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө кошумча күрөө сунуштоого милдеттүү.

3.2.15. Ушул келишимде каралган башка милдеттенмелер жүктөлөт.

1.2. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү ушул Келишимдин шарттарына ылайык соттон тышкаркы тартипте жүргүзүлөт. Күрөө коюучу ушул Келишим жана Кредит берүү жөнүндө Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган шартта, Күрөө предметинен соттон тышкаркы тартипте өндүрүүнү жүргүзүүнү жана анын мүнөздөмөсүнөн жана курамынан көз карандысыз, соттон тышкаркы тартипте сатып өткөрүүнү гарантиялайт жана ага толук макулдугун берет.

1.3. Күрөө коюучу ушул Келишимге ылайык жүзөгө ашырууга мүмкүн болгон Күрөө предметин сатып өткөрүү мезгилине чейинки кайсы болбосун убакытта ушул күрөө менен камсыздалган милдеттенмелерди аткарууга же анын мөөнөтүндө аткарылбаган башка бөлүгүн актарууга укуктуу.

## 4. КҮРӨӨ ПРЕДМЕТТЕРИН АЛМАШТЫРУУ ТАРТИБИ

4.1. Ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү ичинде, Келишимдин 1.3-пунктунда көрсөтүлгөн Күрөө предметтеринин жалпы наркы төмөнкү учурларда төмөндөтүлүшү мүмкүн:

- Күрөө коюучунун карызгерлеринин өз милдеттерин аткаруу мөөнөттөрү, ушул Келишим боюнча Күрөө предмети болуп саналган талап кылуу укугу аяктаганда;

- Кредиттик келишим боюнча карыздардын ордун жабуу графигине ылайык, анын ичинде мөөнөтүнөн мурда төлөө боюнча өз милдеттенмелери Күрөө коюучунун карызгерлери тарабынан аткарылганда;
- Күрөө предметтери ушул Келишимдин талаптарына ылайык келбесе;
- ушул Кредиттик келишим боюнча Күрөө предмети болуп саналган Кредиттик келишим боюнча камсыздоо жоготулган учурда жана башка учурларда.

4.2. Ушул Келишим аракеттенген мөөнөт ичинде Күрөө кармоочу мезгил-мезгили менен Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугунун жалпы наркына (Күрөө кармоочу тарабынан колдонулган тиешелүү күрөөлүк коэффициенттерди эске алуу менен) жана Кредит сунуштоо жөнүндө келишимге кирген Күрөө келишимине ылайык Күрөө предметинен болуп саналган күрөөнүн башка түрлөрүнө (эгерде болгон болсо) кайра баалоону жүргүзөт.

Эгерде, жүргүзүлгөн кайра баалоонун жыйынтыгы боюнча Күрөө предмети болуп саналган Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугунун жалпы наркы (Күрөө кармоочу тарабынан колдонулган тиешелүү күрөөлүк коэффициенттерди эске алуу менен) Кредит берүү келишимине ылайык алынган кредит боюнча Күрөө коюучунун Күрөө кармоочу алдында карызынын күндөлүк калдык суммасынын 80 (сексен) пайыздан азыраагын түзсө, Күрөө кармоочу Күрөө коюучуга кошумча күрөөлүк камсыздоону сунуштоо зарыл экендиги тууралуу тиешелүү талап кылуу-билдирмесин жөнөтөт.

Күрөө коюучу ага кошумча күрөөлүк камсыздоону сунуштоо зарыл экендиги тууралуу тиешелүү талап кылуу-билдирмеси келип түшкөндөн кийинки 15 (он беш) жумуш күнү ичинде, Күрөө кармоочуга анын талап кылуу-билдирмесинде көрсөтүлгөн талап кылынган суммадан төмөн болбогон суммага чейин кредиттер боюнча талаптардын укуктары түрүндө кошумча күрөөлүк камсыздоону сунуштоого же болбосо Кредит берүү келишимине ылайык Күрөө коюучу тарабынан Күрөө кармоочудан алынган кредиттин тиешелүү бөлүгүнүн ордун жабууга милдеттенет.

Эгерде күрөөнүн башка түрү орун алса, Күрөө кармоочу кошумча күрөөлүк камсыздоо катары сунуштоого карата зарыл сумманы күрөөнүн башка түрлөрүнүн жалпы наркын эске алуу менен эсептөөгө укуктуу (тиешелүү күрөөлүк коэффициенттерди колдонуу менен). Күрөө кармоочу ушул пункттун үчүнчү абзацына ылайык, эгерде Кредит берүү келишимине ылайык алынган кредиттик каражаттар боюнча Күрөө коючунун Күрөө кармоочу алдында күрөөнүн башка түрлөрү карыздын күндөлүк калдыгын жапса, кошумча күрөөлүк камсыздоону Күрөө кармоочудан талап кылбогонго укуктуу.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Ушул Келишим боюнча милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бири-бирине келтирилген чыгымдардын ордун толтурушат.

5.2. Күрөө коюучу тарабынан ушул Келишимдин 4.2-пунктунда каралган милдеттенмелер аткарылбаган шартта, ал ушул Келишимдин 1.3-пунктуна ылайык, милдеттенмелер аткарылбаган ар бир күн үчүн Күрөө кармоочуга Күрөө предметинин жалпы наркынын 0,05 өлчөмүндө туум төлөйт.

5.3. Чыгымдардын ордун толтуруу жана туумдарды төлөө, күнөөлүү тарапты ушул Келишимде жана Кредит берүү тууралуу келишимде каралган милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

## 6. КҮРӨӨ ПРЕДМЕТИНЕН ӨНДҮРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү зарылчылыгы келип чыккан шартта, ушул Келишимдин жана Кредит берүү тууралуу келишимдин жоболоруна ылайык, Тараптар Күрөө предметинен өндүрүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык соттон тышкаркы тартипте жүзөгө ашырыла тургандыгы жөнүндө макулдашууга жетишишти.

6.2. Күрөө предметинен өндүрүү жүргүзүлгөн учурда, Тараптар ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугун Күрөө коюучу Күрөө кармоочуга өткөрүп берди деген макулдашууга жетишишти.

6.3. Ушул Келишим шарттарына ылайык, Күрөө предметинен өндүрүү жүргүзүүдө Күрөө кармоочу Күрөө предеметинен өндүрүүнү жүргүзүү укугуна (Күрөө коюучу тарабынан Кредиттик келишим боюнча күрөөгө коюлган талап кылуу укугунан улам келип чыккан, ушул Келишим боюнча Күрөө предмети болуп саналган акчалай талаптарды алууга) ээ болот жана Күрөө предмети болуп саналган күрөөгө коюлган мүлктүк укуктарды сатып өткөрө алат жана алардын эсебинен Кредит берүү тууралуу келишим боюнча өзүнүн акчалай талаптарын толук көлөмдө канааттандыра алат. Мында, Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдерди камсыз кылуу үчүн түзүлгөн келишимдер боюнча укугун ыйгарып өткөрүп берген катары саналат.

6.4. Күрөө предмети болуп саналган Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугун, ошондой эле күрөө кармоочунун көрсөтүлгөн кредит-

тик келишимдер камсыз болгон күрөө келишими боюнча укугун ыйгарып өткөрүп берүү боюнча, бул Келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 173-статьясына жана 18-главасына ылайык кийинкиге калтыруу шарты менен түзүлгөн. Көрсөтүлгөн Кредиттик келишимдер боюнча талап кылуу укугу, ошондой эле ошол Кредиттик келишимдер боюнча күрөө предметин сатып өткөрүү укугу, ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү башталгандан кийинки күнү Күрөө кармоочуга өтөт.

6.5. Күрөө коюучу ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн Кредиттик келишим боюнча өз карызгерлеринин кепилдиги (гаранты) болооруна милдеттенет жана гарантиялайт, ошондой эле Күрөө кармоочу алдында өз карыз алуучулары тарабынан Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелердин толугу менен аткарылышы үчүн өз карызгерлери менен жооп берээрине милдеттенет. Ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемде көрсөтүлгөн, Кредиттик келишим боюнча өз карызгерлеринин гаранты болуу менен Күрөө коюучунун карызгерлеринин милдеттенмелерди аткарбагандыгынан же тиешелүү эмес деңгээлде аткаргандыгынан улам келип чыккан пайыздарды төлөөнү, карызды өндүрүү боюнча соттук чыгымдардын жана Күрөө кармоочунун башка чыгымдарынын ордун толтурууну кошо алганда, Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун алдында өз карызгерлери сыяктуу эле жооп берет.

6.6. Эгерде, Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү жана ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде белгиленген Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укугу Күрөө кармоочуга өткөрүлсө, Күрөө коюучу Күрөө кармоочунун макулдугу менен анын агенти катары иш алып барууга жана бул учурда ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде белгиленген Кредиттик келишим боюнча төлөөгө каралган акча каражаттарды Күрөө коючунун карызгерлеринен кабыл алууга жана көрсөтүлгөн акча каражаттарды ушул Келишимде белгиленген Күрөө кармоочунун эсебине чегерүүгө милдеттенет.

Мында Банк, Күрөө кармоочунун эсебине айдын 15ине чейин кабыл алган акча каражаттарын - айдын 15инен кечиктирбестен чегерүүгө милдеттүү, ал эми 15инен кийин кабыл алган каражаттар – ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде белгиленген Кредиттик келишим боюнча карызгерлер тарабынан акча каражаттардын орду жабылган айдын 30унан кечиктирилбестен чегерилүүгө тийиш.

6.6.1. Ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде белгиленген Кредиттик келишим боюнча акча каражаттар чегерилгенден кийин Күрөө кармоочуга Күрөө коюучунун Кредит берүү келишими боюнча колдо болгон карызы чегерилген акча каражаттар суммасында төлөнгөн катары эсептелинет. Күрөө коюучунун карыз алуучуларында ушул Келишимдин 1.2-пунктунда жана ушул Келишимге карата 1-тиркемеде белгиленген Кредиттик келишим боюнча карыздын ордун жабууга акча каражаттары болбосо, Күрөө кармоочу күрөөнүн тиешелүү шарттарына ылайык өндүрүүнү жүргүзүүгө жана күрөө предметтерин сатууга укуктуу.

6.6.2 Келишимдин 6.6-пунктуна ылайык, Күрөө кармоочунун агентинин милдеттерин аткаргандыгы үчүн Күрөө коюучуга акы төлөнбөйт.

## 7. БАШКА ШАРТТАР

7.1. Эгерде, Кыргыз Республикасынын кайсыл болбосун мамлекеттик/сottук органдары тарабынан Күрөө кармоочунун Күрөө предметине ээлик кылуу, жана/же тескөө жана/же андан пайдалануу боюнча анын укуктарына чек коюу сыяктуу ушул Келишим аркылуу белгиленген катары, же болбосо Күрөө кармоочуга кандайдыр-бир келишим түзүүгө же мындай чектөөлөрдү өзүнө алуу максатында, кандайдыр-бир иш-аракеттерди көрүүгө түрткү берген чектөөлөр боюнча чечимдер же акттар кабыл алынса, Күрөө кармоочу ушул Келишимди бир тараптуу тартипте Күрөө коюучуга кат жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү аркылуу бузууга укуктуу.

7.2. Бул Келишим боюнча Күрөө кармоочунун укугун ыйгарып өткөрүп берүү Күрөө коюучунун макулдугусуз, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

